# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | СЕНТЯБРЬ 2016 | № 9 (58) чыгарылышы

Муниципалитет – бул аймактын,
ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:


**Кириш сөз** ... 2

**Жолдор**

Александровка АА: өзүмдүн көчөмө өзүм жардам берем ... 4

Ново-Покровка АА: стратегиялык мааниге ээ чолок көчө тегиз жана жарык болуш керек ... 5

**Бош убакыт жана абаттоо**

Ак-Башат АА: булактын жанындагы сейил бак жана тамчылатып сугаруу ... 7

Кайназаров АА: көчөгө берилген жарык айылдын көркүн ачты ... 8

Таш-Мойнок АА: көчө чырактары – ашкере байлык эмес, бул – зарылчылык! ... 10

Токмок: Биримдик аллеясы шаардыктарды бириктирди ... 11

**Мектепке чейинки билим берүү**

Кочкорбаев АА: 150 орундуу бала бакча ... 12

**Тарых жана эстутум**

Бурана АА: курман болгон баатырлардын эрдиги, баатырдыгы жана духунун күчү тууралуу эске салуу ... 14

**Ичүүчү суу**

Боролдой АА: балдар алдан тайдырган суу ташыгыч милдетинен бошотулду ... 16

Күнтуу АА: суу пайдалануучулар менен келишимдер – оюндун ачык эрежелери ... 18

Кызыл-Туу АА: дагы 100 короо таза сууга жетти ... 19

Фрунзе АА: ичүүчү суу келип, адамдар айылдан качпай калды ... 20

**Майыптуулугу бар балдардын социалдык адаптациясы**

Новопавловка АА: жакшылык жасоого үйрөткөн сабактар ... 22

Ленин АА: баланын кыялдары орундалсын ... 24

**Спорт**

Гроздь АА: абатталган талаа болсо футбол күйөрмандары болот, күйөрмандар бар болсо дени сак өлкө да болот! ... 26

Кемин: газ сыйымдуулугунун ордуна спорт аянтчасы ... 27

Юрьевка АА: спорт жаңжалдарга каршы 28

**Таштанды жыйноо**

Байтик АА: окуучулар – тазалык үчүн башкы күрөшүүчүлөр ... 30



Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге дарекктелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ. Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.



**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Үмөталиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com
**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29



Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ ДЕМИЛГЕ – 2016:

## эрдиктин, жакшылыктын жана ийгиликтин урматына

**Сабина ГРАДВАЛЬ,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун
жетекчисинин орун басары,
ӨСИ башкармалыгынын мүчөсү

Кыргызстандын Чүй облусунун айылдарында жана шаарларында жашоо жакшыра баштагандыгы тууралуу 47 окуя, 2016-жылдын күз айларында Швейцария өкмөтү тарабынан каржыланып, Өнүктүрүү саясат институту тарабынан ишке ашырылып жаткан «Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс» долбоордун алкагында чогултулду. Аталган сандагы табыштамалар Чүй облусунун эки шаарынын жана он алты айылдык аймактарынын жергиликтүү коомчулугунан жана ЖӨБ органдарынан келип түштү. Он сегиз баяндоочулар калктын кээ бир катмары, үй-бүлөөлөр, көп кабаттуу үйлөрдүн жашоочулары кичи райондордо, көчөлөрдө, айылдарда кандай көйгөйлөргө туш болуп жатканын жазып беришти. 21-кылымда Кыргызстандын көптөгөн жарандары аталган оор шарттарга дуушар болуп жаткандыгына кайдыгээр кароо мүмкүн эмес. Ошол эле убакта 47 окуянын каармандары болуп калган кыргызстандыктардын күчү суктандырбай койбойт (журналдын бул басылмасында өтө жакшы деп эсептелген 18 окуя сүрөттөлөт). «Өзүм жардам берем», «өзүм жасайм» деген бул адамдар сыйлоого жана ыраазычылык билгизүүгө татыктуу. Алар кошуналарын чогулушка чакырат, жыйналыштарды чыгып сүйлөшөт жана өздөрүнүн көчөлөрүнүн кызыкчылыктарын коргошот; суу түтүктөрүн казышат же болбосо жолдогу шагылдарды түздөгөн жумушчуларга шорпо жасашат; мамлекеттик органдарга кат жасышат же АӨ башчысы менен биргеликте жергиликтүү кеңештин депутаттарынан демилгени колдоп берүүсүн сурашат. Алардын жасаган иштери колдонууга татыктуу. 47 окуянын бир каарманы Ак-Башаттагы Рахат Шералиев төмөндөгүлөрдү айтты: «Мен баарыбыз бирге күч экенибизди түшүндүм, биз ар кандай тапшырмаларды аткара алабыз. Биз өзүбүздүн айылыбызга, жердештерибизге пайдалуу нерсе жасай ала турганыбыздан моралдык канааттануу алдык. Дарактар өсүп, сейил бак кеңейип, ар бирибиз калаган жашоодогу из катары калып калышын тилек кылам». Рахаттын оюн сынактын уюштуруучулары мындан ары төмөнкүдөй улантышат: «Биздин шаарлардагы жана айылдардагы жөнөкөй жашоочуларда гана эмес, биз жашаган территорияларды башкаргандарда да демилгелүүлүк жана жоопкерчилик орун алсын! Жергиликтүү демилгелердин саны мындан ары көбөйө берсин!

47 баяндама конкурстук комиссиянын кароосуна берилип, алардын арасынан калктын жашоо деңгээлин жогорулатууга көмөктөшкөн; ЖӨБ органдарынын айкын ишине, ЖӨБ органдарынын калк алдында жооптуу болушуна көмөктөшкөн; муниципалдык уюмдардын жана мекемелердин (мектептердин, коммуналдык кызматтарды жеткиргендердин) айкын ишине көмөктөшкөн; жергиликтүү кеңештин депутаттарынын ролун арттырууга жана алардын шайлоочулар менен дагы да активдүү иш алып баруусуна көмөктөшкөн; жарандарды жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тартууга көмөктөшкөн; жарандардын бюджеттик процесске катышуусун камсыздаган; жарандык коомдун артыкчылыктуу муктаждыктарды тандоого жана айылдын өнүгүүсү үчүн чечим чыгарууга катышуусун камсыздаган баяндамалар аныкталды.

## Конкурстук комиссия төмөнкү курамында: Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиги, «За прозрачный бюджет» Альянсы, Өнүктүрүү Демилгелеринин Агентствосу, Өнүктүрүү саясат институту жана Долбоор, 47 табыштамаларды өз алдынча карап, баалап төмөнкү чечимге келишти:

**«Жергиликтүү демилге» сынагынын жеңүүчүлөрү деп төмөнкү табыштамалар эсептелсин:**

- **1 орун** – «Таза ичүүчү суу – бул ден соолук жана узун өмүр» (табыштама берүүчү – Таштанбай ТУНГАТАРОВ, АК депутаты) **Фрунзе АА** Панфилов району Чүй облусу, 135 000 сомго байге ыйгарылат ;
- **2 орун** – «Суу – бул өмүрдүн булагы», (табыштама берүүчү – Аманат ТОКТОМАТОВ, Токбай а. айыл башчысы, биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун мүчөсү) **Кызыл-Туу АА** Сокулук району Чүй облусу, 90 000 сомго байге ыйгарылат;
- **3 орун** – «Таза ичүүчү суу – бул ден соолуктун булагы» (табыштама берүүчү – Лариса КУСОВА, демилгелүү топтун мүчөсү , биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун лидери) **Боролдой АА** Кемин району Чүй облусу, 63 000 сомго байге ыйгарылат;
- **3 орун** – «Балдарыбыздын бактылуу балалыгы – бул биздин келечегибиз», (табыштама берүүчү – Атамша ДУРСУНОВ, АК депутаты) **Кочкорбаев АА** Ысык-Ата району Чүй облусу, 63 000 сомго байге ыйгарылат.

**жергиликтүү демилгелерди белгилеп, 13 500 сомго шыктандыруучу байгелер төмөнкү 8 табыштамаларга ыйгарылсын:**

- «Спорт – бул инсанды өнүктүрүү жана анын лидердик сапаттарын аныктоо» – Гроздь АА, Аламүдүн району Чүй облусу;
- «Жеткиликтүү таза суу» – Күнтуу АА, Сокулук району Чүй облусу;
- «Көчө чырактары – ашкере байлык эмес, бул – зарылчылык» – Таш-Мойнок АА, Аламүдүн району Чүй облусу;
- «Балдарга сапаттуу мектепке чейинки билим берүү» – Кемин ш., Чүй облусу;
- «Дени соонун, жаны соо» - Юрьевка АА, Ысык-Ата району Чүй облусу;
- •«Эч ким унутулбайт, эч нерсе унутулбайт. Согуш жана эмгек ардагерлерине эстелик көтөрүү» – Бурана АА, Чүй району, Чүй облусу;
- «Новопавловка айылындагы майып балдардын ата-энелерин активдештирүү жана атайын инклюзивдик аянтчаны куруу» – Новопавловка АА, Сокулук району Чүй облусу;
- «Тынчтыктын жана биримдиктин көчөсү» – Новопокровка АА, Ысык-Ата району Чүй облусу;

**жергиликтүү демилгелерди белгилеп, 7 000 сомго жубатуучу байгелер төмөнкү 8 табыштамаларга ыйгарылсын:**

- «Эс алуучу жай» – Ак-Башат АА, Жайыл району Чүй облусу;
- «Жакшы жол – бул жашоочулардын бакубатчылыгы» – Александровка АА, Москва району Чүй облусу;
- «Баланын, ата-энесинин кыялы!» – Ленин АА, Аламүдүн району Чүй облусу;
- «Ынтымак» – Кайназаров АА, Сокулук району Чүй облусу;;
- «Шамсы көчөсүндөгү аллеяны көрктөндүрүү» – Токмок ш., Чүй облусу;
- «Окуучлар мектепти көрктөндүрүүгө жардам берет» – Байтик АА, Аламүдүн району Чүй облусу;

**Конкурстук комиссия белгилеген бардык баяндар журналдын ушул санында сүрөттөлүп, өзүнүн окурмандарын күтүп, аларга дем берүүгө даяр!**

# Александровка АА: өзүмдүн көчөмө өзүм жардам берем



2015-жылдын жай мезгилинде Александровка айыл өкмөтү калктын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн аныктоо боюнча ЖМБА-иш-чараларын өткөргөн эле. Жергиликтүү калк айылдагы Крупская атындагы көчөнүн канааттандырбаган абалын көйгөйлүү маселелердин бири катары атаган. Советтер Союзу тарагандан бери көчөлөрдүн көбүнө асфальт төшөлбөй, талкаланган абалда жаткан. Ошолордун бири – чуңкуру көп, өңгүл-дөңгүлдүү Шевченко атындагы көчө. Жолдордун кейиштүү абалы анын боюнда жашаган тургундар үчүн да, айдоочулар үчүн да бир топ түйшүк жаратты.

Жол көйгөйдү Биргелешкен аракеттер планынын алкагында чечүү үчүн артыкчылыктуу маселелердин тизмегине кирди. Айыл өкмөтү ЖМБА-иш-чараларында көбүрөөк аталган көчөлөрдөгү жолдордун абалын дыкат изилдеп чыгып, ремонтту инвестицияны талап кылгандарын бөлүп койду. Бирок артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү боюнча план – бул жумуштарга жашоочулар да тартылат дегенди билдирген Биргелешкен аракеттер планы эмеспи.

Демилгени колго элет тургуну Эльдар ХАСАНОВ алды. Анын апасы Халида Халитовна ХАСАНОВА дал ошол Шевченко көчөсүндө жашайт экен. Эльдар жолдорду оңдоо боюнча негизги чыгымды өзү көтөрдү. Бирок бул көчөнүн жашоочулары да четте карап турушкан жок. Алар жол боюнда жашаган 13 короонун ар биринен миң сомдон чогултуп беришти. Бул акчага үстүбүздөгү жылдын май айында алты КамаАзга жүктөлгөн майда топурак сатып алынып, үч күндүн ичинде элеттиктер (15 киши) аны көчө бою чачып чыгып, жолду тегиздегендей болушту.

Жакынкы келечекте жолдун бетин жакшыртуу үчүн Эльдар дагы үч машине кум алып келүүнү пландоодо. Ошондой эле жашоочулар да бул үчүн ар бир короодон дагы кошумча 300 сом чогултууну көздөп жатышат.

Мына ушинтип Шевченко көчөсүнүн жашоочулары 200 метр жолду ыкчам жана ынтымактуу түрдө оңдоп чыгышты. Эми бул көчөдөн ары-бери басып жүргөн да, машине менен өткөн да ыңгайлуу болуп калды. Крупская атындагы айылдын бул районунда жашаган 73 киши абдан ыраазы болуп отурушат.

Элеттиктердин демилгесине айыл өкмөтүнүн жетекчилери да, депутаттык корпус да ыраазы. Алар жердештеринен муниципалдык жамааттын турмушун жакшыртуу боюнча ар кайсы тапшырмаларды аткарууга жөндөмдүү болгон чыныгы жардамчыларды көрө алышты. БМжБ тобунун катышуучулары жолдун ремонтун жана анын жыйынтыгын сүрөткө тартып алышты. Эми бул сүрөттөрдү үлгү катары Александровка айылдык аймагынын маалымат тактасына жайгаштырганы жатышат.

“Көчөнү оңдоп бүткөндөн кийин башка айылдын жашоочулары да келип, өз айылында да биздин ремонт тажрыйбабызды колдонуу үчүн жасагандарыбызга кызыгышты. Биздин жолубузду көптөр улантып кетип, эми муниципалдык жамааттын аймагында транспорт кыймылы жана жашоо үчүн нормалдуу шарттар түзүлдү, - деп айтып берди Крупская атындагы айылдын аксакалдар сотунун төрагасы Шевкет ЭМИНОВ. – Жакын арада элеттиктердин чогулушун өткөрүүнү пландап жатабыз. Ал чогулушта биздин айылдын жашоочуларына жасаган жакшылыгы жана камкордугу үчүн демөөрчүбүз Эльдар ХАСАНОВго ыраазычылык билдирүүнү ниет кылып жатабыз. Ошондой эле биз айыл жол-

дорун абаттоо боюнча демилгени ишке ашыруу процессинде топтогон тажрыйбабызды башка жерлерде да жайылтууну көздөп турабыз".

Бул тажрыйбанын арты менен элеттиктер бийликтен жардам күтүп отура бербестен өздөрү жашаган жердин көйгөйлөрүн өздөрү эле чече аларын, бул үчүн демөөрчү да табыларын түшүнүштү. Азыр Шевченко атындагы оңдолгон көчөнү элеттиктер тамашага салып "эртеңки күндүн жолу" деп атап алышкан. Тамаша болгону менен, мунун артында терең маани жатат.

Бирок муну менен Александровкадагы абаттоо баяны аяктап калбайт. Активисттер көчөгө жарык өткөрүү маселесин көтөрүшүүдө. Биринчи кезекте жашоочулары демилге көтөрүп, көрктөндүрүүгө салым кошкон көчөгө жарык берүү акыйкаттык болот. Мындан да ири инвестиция тууралуу айта турган болсо, АӨ 1000 м жолдун ремонтуна тендер өткөрүп жатканын белгилебей коюуга болбойт. Бул километрди Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун гранты кошо



каржыламакчы. Аталган долбоордун тамыры да жергиликтүү демилгеге, Демилгелүү топтун лидеринин жигердүү жарандык позициясына тараган. Бул лидер бюджеттик каражаттарды айылдын борбордон алысыраак жана бакубат бөлүгүнө жакын болбогон жолдорду оңдоп-түзөөгө багыттоо үчүн добуш бергиле деп элеттиктерди ынандыра алды.

***Шевкет ЭМИНОВ,***
***Крупская атындагы айылдын аксакалдар сотунун төрагасы,***
***электрондук дарек: aleks.a_o@ mail.ru***

# Ново-Покровка АА:

# стратегиялык мааниге ээ чолок көчө тегиз жана жарык болуш керек



Ново-Покровка айылдык аймагынын борбору болуп эсептелген Ново-Покровка айылынын 108 жылдык тарыхы бар. Бул жерде 30 улуттун өкүлдөрү жашайт (4660 кыргыз, 4186 - орус, 2870 - уйгур, 502 - өзбек, 439 - балкар, 213 - украин, 131- корей, 104 - немис, башка улуттун 706 өкүлү). Бул аймакта эч качан улуттар аралык жаңжалдар болгон эмес, ынак коңшулуктун жана өз ара урмат-сыйдын салттары түптөлүп, алар катуу сакталат. Баары болуп 13 811 киши жашаса, анын дээрлик 24% балдар жана жаштар.

Аталган айылдын аймагында жайгашкан Москва чолок көчөсү маанилүү инфраструктуралык тутум болуп эсептелет. Анткени ар бири нде 100 үй жайгашкан беш чоң көчөнү, бир калктуу конушту бириктирип турат. Ошондой эле "Карьер" темир жол токтотмосуна, "Монтажник" заводуна жана таштанды жайына алып барат. Чолок көчөнүн узундугу болго-

ну 800 метр экенине карабастан, аны бери дегенде бир жарым миң киши колдонот. Буга кошумча бул маанилүү жол трассасы да болуп эсептелет: бул жол аркылуу таштанды жана "Монтажник" заводуна металл конструкцияларын жүктөгөн чоң жүк ташуучу унаалар өтөт.

Өткөн кылымдын 70-жылдары Москва чолок көчөсүнүн жолуна ошол кездеги Киров атындагы колхоздун күчү менен асфальт төшөлгөн (төрагасы Ю.К. Васильев). 40 жылдын ичинде жүк ташуучу унаалар тынбай өткөндүктөн жол начар абалга келип, туш тарабы чуңкур жана өңгүл-дөңгүл болуп калган.

Мындай маанилүү жолдун начар абалы калктын кыжырына тийип келди. Бул жерде жол кырсыктары да көбөйүп, жаракат алгандар да болду. Натыйжада 2010-2011-жылдары жарандык активисттердин демилгеси менен элеттик чогулуштар өтүп, массалык маалымат каражаттарына, айылдык управага жана жогорку бийлик органдарына жолду оңдоп берүүнү талап кылган бир топ кайрылуулар жолдонду.

Бул жерде "Достук, эл биримдиги" коомдук фонду жарандык демилгенин өзөгү болуп калды. Ремонт идеясын ишке ашырууда жергиликтүү кеңештин депутаты Сансызбай БОСТОНКУЛОВ чоң жигердүүлүктү көрсөттү. Ал бийлик органдары менен кат жазышуу, Ысык-Ата районунун акими Н.Б.САКЕБАЕВге кайрылуу жолдоо үчүн айыл тургундарын колун топтоо, жолдор капиталдык ремонтко муктаж экени тууралуу өлкө бийлигинин дарегине кат жазуу өңдүү иштерди өзүнө алды. Натыйжада Москва көчөсү ПЛУАД №1 боюнча 2012-жылга жолдорду жана жол курулмаларын оңдоо тизмесине кошулуп, 9 млн. сом көлөмүндө каражат бөлүндү. Бирок жумуштардын өндүрүшүнө тендер даярдалып жатканда укуктук пландагы маселе жаралды – тендерди жарыялаган негизги тапшырыкчыны аныктоо кыйын болду: жол айылдык управанын балансында турат. Мыйзам боюнча управа өз каражаты болбогондуктан тендер өткөрө албайт. 185 киши Чүй облусунун губернаторуна жана прокуроруна бул маселени чечип берүү өтүнүчү менен кайрылууга мажбур болушту. Облустук бийликтин тапшырмасы боюнча процесске Ысык-Ата райадминистрациясы кошулду.

Натыйжада 2013-жылдын 31-декабрында КР Өкмөтүнүн №528-р тескемеси чыкты. Анда: "КР Транспорт жана байланыш министрлигине 2013-2014-жылдарга республикалык бюджетте каралган каражаттардын эсебинен долбоордук-сметалык документтерди даярдап, Чүй облусунун Ысык-Ата районундагы Ново-Покровка айылдык аймагынын Ново-Покровка айылындагы узундугу 2 км Москва көчөсүндө капиталдык ремонтту жүзөгө ашыруу тапшырылат" деп айтылган.

Анткен менен инстанциялардагы бюрократиялык тоскоолдуктардан улам иш ордунан жылбай койду. Транспорт жана байланыш министрлигине караштуу Жол чарбасы департаменти узундугу Москва көчөсүнүн 532 метри үчүн гана долбоордук-сметалык документтерди даярдоого техникалык тапшырма берген. Мында Москва көчөсүнө жанаша жайгашкан жана мурдагы планда көрсөтүлгөн Береговая, Жаштык, Линейная, Алма-Ата көчөлөрү кошулбай калган.

Ново-Покровка айылдык кеңешинин төрагасы Д.УСУБАЛИЕВ бөлүнгөн финансы каражаттарды эсепке алуу менен жол ремонту тууралуу чечимди илгерилетүү өтүнүчү менен депутаттардын жана айыл жашоочуларынын атынан КР Жогорку Кеңешинин депутаты И.Ю.КАРАМУШКИНАга кайрылды. Депутат Транспорт жана байланыш министрлигине тиешелүү суроо-талап жиберип, акыры күтүлгөн жыйынтык чыкты.

Жол-курулуш иштеринин сметасын даярдоодо жергиликтүү жамаат адистердин акысына деп 40 000 сом көлөмүндө акча чогултуп беришти.

Даярдоо этабында долбоорго КР Өкмөтүнө караштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик да кошулду.

Бул райондун тургундарынын активдүүлүгүнүн натыйжасында 2014-жылы узундугу 540 метр болгон Москва көчөсүнүн жолу толугу менен оңдолду, жанаша жайгашкан көчөлөр съездер менен жабдууланды. Бул улам бир инстанциядан экинчисине сүйрөгөн узак жолдогу чоң жеңиш жана башкы жыйынтык болду – адамдар бийликтин чечимине таасир эте аларына ишеништи, өзүнүн жарандык укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнө болгон ишеним пайда болду, бийликке карата да ишеним артты. Жашоочулар бири-бири менен мурдагыдан да сый мамиледе болуп калды. 2015-жылдагы Жогорку Кеңешке шайлоо жарандардын жакшы активдүүлүгүн көрсөттү, добуш берүүгө 65% келип берди. Мындан тышкары жашоочулар жакшы жолду колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту.

Экинчи жагынан жолду оңдоп-түзөө долбоорун ишке ашыруу процессине түздөн-түз аралашкан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары – Ново-Покровка айылдык управасы жана айылдык кеңеш маморгандар менен тынымсыз байланышты камсыздап, айылдык чогулуштарга тикелей катышып, жумуштардын жүрүшүн көзөмөлдөп, жергиликтүү жамааттын көйгөйлөрүн чечүүдө жеке каналдарды колдонушту. Активисттердин, жарандык коомдун жана жергиликтүү жамааттын биргелешкен аракеттери менен гана ийгиликке жетүү мүмкүн болду.

Баса, бул татаал жол маселесинин чечилиши Ново-Покровканын бул районунун жашоочулары үчүн жалгыз жеңиш эмес. Тургундар айылдын экологиялык абалын жакшыртууга да салым кошушту. Көптөр Москва көчөсүнүн аягында жайгашкан таштанды жайы тууралуу уккан. Бул таштанды жайы зыяндуу буулардын, аллергия пайда кылчу оорулардын, келемиштердин булагына айланган эле. Район тургундарынын аракети менен (айылдык

чогулуштар, санэпидкөзөмөл органдары, бийлик түзүмдөрү менен кат жазышуулар, массалык маалымат каражаттарын тартуу – НБТ каналында бери дегенде төрт репортаж чыкты), бийликтин чечими менен (КР Өкмөтүнө караштуу Айлана-чөйрөнү коргоо боюнча Чүй-Бишкек аймактык башкармалыгынын 2016-жылдын 24-июнундагы № 02/334 каты) 2016-жылдын 4-июлунан тарта бул жерге турмуш-тиричиликтеги таштандыларды жана тамак-аш калдыктарын таштоого тыюу салынды. Таштанды жайында видеокөзөмөл орнотулуп, бул жакка курулуш таштандысы гана ыргытылганына көз салган контролерлор бригадасы жалданды.

Элеттиктердин ушул эки демилгесинин арты менен Ново-Покровканын бир жарым миң адамынын турмушу дагы да жайлуу болуп калды деп ишенимдүү айтса болот. Бул жердеги транспорттун, анын ичинде коомдук транспорттун да иши жакшырды. Аткаминерлердин бюрократиясы менен күрөшкө көп убакыт кеткенине карабастан адамдар өздөрү да көп нерсени жасай аларын түшүнүп калышты.

Эми алардын алдында жаңы тапшырма турат – Москва көчөсүнүн жана мүмкүнчүлүк болсо, ага жанаша жайгашкан Фрунзе, Алма-Ата, Береговая, Линейная көчөлөрүн, ошондой эле Жаштык жаңы конушун жарыктандыруу. Башында Москва көчөсүндө жарык жок болчу жана көптөгөн жылдар бою жашоочулар түнкүсүн жүргөндө убара болушчу. 2016-жылдын май-июнь айларында белгисиз адамдар түнкүсүн үч жолу Фрунзе жана Алма-Ата көчөлөрүнүн ортосундагы участокто телефон кабелдерин кесип кетишкен. 2010-2014-жылдар аралыгында Фрунзе жана Москва көчөлөрүнүн кесилишинде бир топ адам тонолгон. Мындан улам жарыктандыруу маселеси бул жерде өтө курч турат.

Активисттердин колунда жасачу иштердин планы бар. Ал планга ылайык, энергияны колдонуу маселесин Кант РЭСи жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен чечиш керек: техникалык негиздемени даярдап, жарык берчү каражаттарды орнотууга кетчү чыгымдын сметасын түзүш керек; жарыктандырчу алеттерди сатып алуу жана орнотуу иштерин уюштуруу зарыл.

***Тургунбек ТОКТОСУНОВ,***
***“Достук, эл биримдиги”***
***коомдук фондунун эксперти,***
***электрондук дареги: turgunbektoktosunov@mail.ru***

БОШ УБАКЫТ ЖАНА АБАТТОО

# Ак-Башат АА:

# булактын жанындагы сейил бак жана тамчылатып сугаруу

Шаардыктардай болуп көз жоосун алган сейил бакта эс алып, ал жерде үй-бүлө менен сейилдеп, балдар менен кооз табиятка суктанып жүрүү мүмкүнчүлүгүнөн жердештери куру калып жатканы Ак-Башат айылынын старостасы Рахат ШЕРАЛИЕВди дайыма тынчсыздандырып келген. Староста мына ушул маселени абдан чечкиси келчү. Алгач ал сейил бакты уюштуруу үчүн айылдагы эски булактын тегерегиндеги аймак эң ыңгайлуу жер болмок деп ойлогон. Жер алдындагы суунун деңгээли жогорулагандыктан булак ушул тапта өтө начар абалда турат. Староста иш планын даярдай баштаган эле. Анткен менен Рахат элет аксакалдары менен кеңешип көргөндө, алар булак зонасы эзелтеден бери ыйык жер болгонун, бул жакта түрдүү көңүл ачуучу объекттерди курууга болбой турганын айтышкан. Алар парк зонасын бул аймактан бир аз өйдөрөөк жерге уюштурууну сунушташкан. Бул жакта совет мезгилинде эле артезиан кудугу казылган болчу. Отургузулган бак-дарактардын өсүп кетүүсү үчүн көп суу да талап кылынат эмеспи.

Мына ушул маалыматтарды топтогондон кийин Рахат Ак-Башат айылдык аймагына кайрылып, аймактын башчысы парк зонасын түзүү идеясын колдоп, бул үчүн 35 сотик жер бөлүп берген. Ошентип иш кызыды. Рахат достору менен жерди пландап, участокту тегиздеп, таштарды чогултуп чыгышкан. “Көгүлтүк булак” ТСПАКБ төрагасы атайын техника жагынан жардам берген – экскаватордун жардамы менен иштебей турган каналдын эски лотокторунан чоң бетон плиталарын алып чыгышкан.

Андан кийин ишке айылдын жаштары да тартылды – 20 киши көчөт отургузууга катышты. Көчөттөрдү сатып алууга жергиликтүү бюджеттен 14 миң сом бөлүнгөн эле. Натыйжада бул жерде эмен, мажрүм тал, өрүк жана теректер отургузулган – ар бир түрүнөн 30 тамыр.

Мындан тышкары айыл өкмөт бөлгөн 2650 сомго 5 мүшөк цемент жана бир түрмөк тикенектүү зым сатып алынган. Ал эми жергиликтүү жамааттын өкүлдөрү Рахат ШЕРАЛИЕВ, Осмон АБДРАХМАНОВ, Алмаз ЖУСУПОВ жана Токтогул АСАНКУ-

ЛОВ жалпы ишке 35 жыгач устунду орнотуу менен салым кошту. Жергиликтүү жаштарды, элеттиктерди чогултуп, ашар жолу менен болочоктогу сейил бактын аймагында убактылуу тосмо орнотуп чыгышты – чуңкурлар казылып, устундар орнотулуп, зым тартылды. Ошондой эле жакын жерде жашаган Салмаш БЕКМАТОВ менен макулдашып, ал өсүмдүктөргө көз салып турмай болду. Салмаш коомдук иш канчалык маанилүү болгонун түшүнүп, бул ишти акы албай эле жасоого макул болду.

- Мунун баарын пландап жатканда мени элеттиктер кубаттап, колдон келген жардамын беришти. Өзгөчө айылдын жаштарына ыраазымын. Биз бир чоң күч экенибизди, колубуздан бардык иш келээрин түшүндүм. Бардык катышуучулар жердештерибиз, кичи мекенибиз үчүн пайдалуу бир иш жасай аларын түшүнүп, мындан моралдык канааттануу алышты. Отургузулган көчөттөр тамыр жайып, бийик бак-даракка айланып, сейил бак мындан ары да кеңейип кетет деп кыялданам. Бул ар бирибиздин ушул жерде калтыргыбыз келген из болуп калмакчы, - деди Рахат.

Үмүттөр акталып, бак-дарактар өсүшү үчүн элеттиктер аларды тамчылатып сугарууну пландап жатат. Сууну тереңдеги артезиан скважинасынан алууну чечишти. Бирок адегенде аны калыбына келтирүү зарыл – "гусакты" кайра жасап, бассейнди тазалап, шыбап чыгыш керек. Балдар бул жерде да эс алуу зонасын уюштурууну көздөп жатат жана бул үчүн аянтчанын үстүн плита менен жаап, бассейнге кириш жерде арка тургузуп, суу агызуу үчүн эки лоток, ошондой эле эс алуу үчүн отургучтарды жана чатырча орнотуп, унаа токтотмо аянтчага кырдуу шагыл төгүш керек.

Мунун баары үчүн каражат зарыл жана аны элеттиктерден чогултмай болушту: суу агызуу үчүн эски лотокторду жергиликтүү өз алдынча башкаруу берет: курулуш материалдары, техниканы жалдоо, эмгек салымы – мунун баары калктын эсебинен. Келечекте тикенектүү зым түрүндөгү убактылуу тосмолорду алып таштап, түшүмдүү жерди калыбына келтирүү үчүн бир нече машине менен кара топурак алып келип, эс алуу зонасынын болгон аймагын көрктөндүрүп чыгуу зарыл. Элеттиктер муну да жалпы аракеттер менен ишке ашырууга макул болушту.

Алгач бул долбоорду айрымдар өтө эле дымактуу деп ойлошкон. Бирок аны ишке ашыра баштаганда бул бүтүндөй айылдык аймактын калкы үчүн зарыл болгонун түшүнүштү. Ал эми бул аймакта келечекте эс алуу зонасынын кызмат көрсөтүүлөрүн колдоно ала турган 10 миңден ашуун киши жашайт. Аларга жакын жердеги Полавка жана Кызыл-Дыйкан АА тургундарын да кошсо болот. Алар каалаган учурда Ак-Башатка келип, сейил бакта эс алып кете алышат. Бул долбоор адамдар бийлик качан келип жасап берет деп күтүп отура бербей, демилгени өздөрү колго алып, ишке ашыра аларын тастыктады.

***Рахат ШЕРАЛИЕВ,***
***Ак-Башат айыл башчасы***

# Кайназаров АА:

# көчөгө берилген жарык айылдын көркүн ачты



Кайназаров айылдык аймагы дотацияда турат. Көптөгөн башка элеттик муниципалитеттердей эле бул жерде жашагандардын жана ЖӨБ органдарынын көйгөйлөрү көп. Бирок жарытпаган жергиликтүү бюджеттин айынан бул көйгөйлөрдү чечүүгө каражат жетишсиз. Бул көрүнүш 2012-жылга чейин уланып келди. Бирок бул жылы элеттиктер мындан ары минтип жашоого болбой турганын, бул кырдаалдан чыгуунун жолдорун табыш керектигин түшүнүштү. Адегенде эле АЖБФ жерлерин ижарага

алып, ал жерге беде эгип, аны сатуудан түшкөн акчага аймактын көйгөйлөрүн чечмей болушту.

Башында оңой болгон жок – алгачкы эки жылда эч кандай киреше түшкөн жок, кеткен чыгым өзүн араң-араң жаап турду. Бирок үчүнчү жылы иш илгерилеп, алгачкы пайда түшө баштады. Бул адамдарга дем берди. Эгерде башында биз 5 гектар жерди ижарага алсак, эми аны 22 гектарга көбөйтүп, анын баарына беде эгип салдык.

Белгилей кетчү жагдай, алгач жер иштетүүдөн түшкөн каражатты сактап калуу оңой болгон жок. Акчаны кимдир бирөө уурдап, же жалпы муктаждыктарга берүүнү каалабады деп айтууга болбойт. Болгону, кимдир бирөө нак акчаны үйүндө кармап отурса ага жакындары, кошуналары, достору акча карызга сурап келе берет эмеспи. Мындан улам активисттер түшүмдөн алынган акчанын баарын банктагы эсепте кармоону чечишти. Мына ошентип бул көйгөй да жөнгө салынды.

Эми бара-бара маселелерди чечүү үчүн чыныгы шарттар түзүлдү. Биринчи кезекте 2014-жылы футбол талаасынын тегерегинде көчө чырактары орнотулду. Бул үчүн 70 миң сомго жакын акча сарпталды. Жаштар жана окуучулар топ тебүү үчүн футбол талаасына дайыма келип тургандыктан бул өтө маанилүү маселе болчу – айылда ансыз деле көңүл ачуунун башка түрлөрү жокко эсе. Бирок жазында жана күзүндө күндөр кыскаргандыктан жарыктын жоктугу кыйынчылыктарды жаратты.

Андан кийин бир жыл өткөн соң айылдык чогулушта айылдын өзүндө да жарык өткөрүү ашыкча болбойт эле деген чечим кабыл алынды. Жарыкты дээрлик ар бир үй кожолугуна жеткирип, электр энергиясы үчүн чыгымды кыскартуу максатында энергияны үнөмдөөчү лампалар орнотулду жана үй кожолуктарга электр эсептегичтер коюлду. Жашоочулар электр жарыгы үчүн акыны өздөрү төлөп турмай болушту, анткени жергиликтүү бюджет мындай чыгашаны көтөрө албастыгын баары эле түшүнүп турат. Көчөлөргө жарык берилгенден кийин айыл жайлуу болуп, адамдар караңгыда деле көчөдө жүрө баштады жана эч ким мындайдан баш тарткысы келген жок. Бардык жумуштарды жаштар жана жергиликтүү электр адистери жасашты. Натыйжада 36 чырак орнотулуп, бул үчүн жалпысынан 100 мин сом сарпталды.

Мындан тышкары 2015-жылы таза сууга жеткиликтүүлүктү жакшыртуу боюнча иштер жасалды. Аймакта суу мунарасы бар, бирок ал авариялык абалда болгондуктан суунун күчү өтө аз жана ал алыскы көчөлөрдүн тургундарына жакшы жетпейт. Бул маселени чечүү зарыл эле. Айыл активисттери "Али-Аюб" кайрымдуулук фондуна кайрылып, фонд аларга колун сунду. Адегенде тереңдиктеги насосту сатып алып, орнотуп, андан соң суу өткөрүүчү трубаларды төшөө үчүн траншеяны казышты. Эмгек салымын кошпогондо жалпы чыгым 400 миң сомду түздү. Негизги жер жумуштарын жана труба төшөөнү аймактын жашоочулары өздөрү жасашты.



Жыйынтыгы көзгө дароо илинет – көчө чырактары түнкү айылга жарык берүүдө, таза суу ар бир үйгө жетип жатат. Бирок бул социалдык эксперименттин башкы жыйынтыгы адамдардын турмуш шартын жакшыртуу жана инфраструктураны кеңейтүү эмес. Башкы жыйынтык – адамдар биригип, бардык кыйынчылыктарды жеңе алаарын түшүндү. Ошол эле маалда бул иштер менен тикелей алектенген активисттер элеттиктердин демилгесин колдоого даярдыгын билдирип, колдон келген жардамын аябаган жергиликтүү башкаруу органдары менен ишенимдүү мамиле түзө алышты.

ЖӨБ органдарынын калк алдындагы жоопкерчилиги, айкындуулук деңгээли жогорулады. Учурда калк бардык демилгени ишке ашырууга жигердүү катышып жатат. Мында демилгени элеттик активисттер көтөрүп жатабы, же ЖӨБ кызматкерлериби – маанилүү болбой калды. Оор кырдаалдан чыгуунун жолдорун кантип тапканыбыз тууралуу башка айылдар да угуп калып, эми тажрыйбаны өздөштүрүп, жашоосун жакшы жакка өзгөртүү үчүн бизге каттай баштašты.

Биз өз айылыбызда ийгиликтүү ишке ашкан эки демилге тууралуу гана айтып бердик. Чындыгында мындай демилгелер өтө көп. Бирок негизги ийгиликтүү демилге – бул адамдардын, күчтөрдүн, каражаттардын жалпы жыргалчылык үчүн ийгиликтүү биригүүсү, "ар ким өз көмөчүнө күл тартат" принцибин таштап, биргелешип чогуу иштерди жасоо мүмкүнчүлүгү. Эми эч көбүртпөстөн бир нерсени айта алабыз: айылдын бардык 730 тургуну, ошондой эле алардын айылыбызга келип-кетип турган жакындары жана тааныштары көйгөйлөрдү чечүү үчүн демилгени колго алган адамдар табылганына абдан кубанычта.

Активисттер инфраструктураны жакшыртуу үчүн гана эмес, ошондой эле жергиликтүү маанидеги башка маселелерди, айталы, дене тарбияны жана массалык спортту өнүктүрүү, эс алууну, балдар жана жаштар менен иш алып баруу боюнча иштерди уюштуруу үчүн шарт түзүү өңдүү маселелерди чечүүдө да ЖӨБ органдары менен кызматташууда. Жаштар спорт менен алектене баштады жана жакында жергиликтүү демилгенин эсебинен спорттук жабдуулар жаңыртылмакчы.

***ДЖУРСУНАЛИЕВ Акылбек,***
***КЕНЕШБЕК уулу Уланбек,***
***ЖАЙЧИЕВ Рамиль,***
***айылдык кеңештин депутаттары***

# Таш-Мойнок АА:

# көчө чырактары – ашкере байлык эмес, бул – зарылчылык!

Таш-Мойнок АА жети айылдан турат: Беш-Күнгөй, Таш-Мойнок, Подгорная, Кой-Таш, Прохладная, Кызыл-Бирлик, Тоолуу Маевка. Үй кожолуктардын саны – 2686, ал эми айылдык аймактын жалпы аянты 16047 гектарды түзөт. Аймактын чегинде он беш улуттун өкүлү, 9220 киши жашайт.

Беш-Күнгөй айылындагы Школьный чолок көчөсүнүн тегерегинде жана Таш-Мойнок айылдык аймагындагы Лесовод дачасында 2250 киши жашайт. Алар күн кыскарган кыш мезгилинде жумуштан, окуудан, сапардан кайтып келатып ушул чолок көчөдөн өтүшөт. Бул көчөнүн жолу өтө кооптуу участок болуп эсептелет. Анткени бул жерде караңгыда мастар жана ар кандай ою бузук адамдар тегеректеп жүрөт. Көз сайган караңгы жерде бир нече кырсык болгон: өткөн жылдары бир келинди жана кызды бир нече мас адам кармап алып, ырайымсыздык менен кордогон. Алар ооруканага жатып чыккан эле. Бирок караңгыда эч ким аларды көрбөгөндүктөн кылмышкерлер табылбай калган. Бул жерде балдардын көз алдында мушташтар да көп болуп турат. Ушундан улам ата-энелер күн сайын балдарын кечинде мектептен тосуп алып, эртең менен аялдамага чейин узатып чыгышчу.

2015-жылдын март айында “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоору ишке ашырыла баштаганда жамаатта аймактын аныкталган артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүү боюнча демилгелүү топтор түзүлгөн. Ошондой эле бул караңгы көчө өзгөчө көйгөйлүү болуп, “ал үчүн кармашууга жана үгүттөөгө даяр” адамдардын тобу да түзүлдү. Топтун лидери болуп пенсионер Айтакул ЖАЙЧИЕВ шайланды.

2016-жылдын март айында 80 киши катышкан жалпы чогулушта айылдын көйгөйлөрү талкууланып, көпчүлүктүн пикири боюнча Беш-Күнгөй айылындагы Школьный көчөсүндөгү кырдаал эң орчундуусу болуп табылды. Топтун мүчөлөрү бул жерге чырак орнотуп, жолдун ушул участогуна жарык берүүнү сунушташты. Айылдыктар бир добуш менен ушул идеяны колдоп беришти. Жергиликтүү тургун Жылдызбек МУСАЕВ чырактарды акысыз эле орнотуп берүүгө даярдыгын билдирди. И.Таранчиев атындагы орто мектептин 1996-жылкы бүтүрүүчүлөрү Эмиль АРАЛБАЕВ, Айбек ОМОРБЕКОВ, Нурлан жана Дүйшөн АРАЛБАЕВДЕР демилгенин демөөрчүлөрү болушту.

Балдар 20 000 сом чогултуп, ага чырак жана зарыл болгон комплектациясы менен датчиктерди сатып алышты, эсептеп чыгып, чырак орнотулчу жерлерди аныкташты. Жергиликтүүлөрдүн ичинен төрт электрик жана монтер үч күндүн ичинде 12 миң сомго бааланган ишти бүтүрүштү. Ал эми башка тургундар аларды түшкү тамак менен камсыздашты. АӨ башчысы бул демилгени колдоп, чыракты айыл өкмөттүн балансына өткөрүүгө макул болду. Ошондой эле айылдык кеңештин сессиясында ушул участокту жарыктандырууга кеткен чыгымды каржылоо тууралуу чечим кабыл алынды.

Ишке ашырылган демилгенин натыйжасында Школьный көчөсүндө күндүзгү жарык датчиги бар он чырак орнотулду. Андан соң мектептин аймагында жана ага жанаша жайгашкан футбол талаасында да чырактар орнотулду. Окуу жайдын жетекчилиги аларды өз балансына өткөрүп алды. Караңгы кирээр замат датчиктер автоматтык түрдө иштеп, чырактар бүт көчөгө жарык берип турат. Бул көчө болсо айылдагы адамдар көп жүргөн аймак болуп эсептелет – бул жерден күнүгө эки миңге жакын адам өтөт. Эми ушул райондо жашаган балдар караңгы кирсе деле көпкө чейин ойноп жүрө беришет, улуулар болсо көчөдө ээн-эркин басып, же отургучтарда сүйлөшө беришет. Коомдо жагымдуу маанай орун алды, адамдардын көңүлү көтөрүлүп, бири-бирине каалаган учурда конокко барып, айлана-тегеректе позитив байкалат.

Бул демилге көптөргө үлгү болду. Айталы, 2016-жылдын май айында жаштар тобу чогулуп, Беш-Күнгөй айылында жана мектептин короосунда өз каражатына (20 миң сом) чатыры бар үч отургуч орнотушту.

Эми демилгелүү топтун алдында Беш-Күнгөй айылындагы “Бекбол” бала бакчасына караштуу оюн аянтчасын абаттоо тапшырмасы турат. Себеби айылда балдар ойной турган башка жер жок. Бала бакчага баргандар гана эмес, айылдагы башка наристелер да аянтчада ойной алышат. Бирок, тилекке каршы, аянтча талапка жооп бербейт. Атүгүл ал жайгашкан участок да тегиз эмес, өңгүл-дөңгүл. Ал жерде Совет мезгилинен кал-

ган, учурда дат баскан күүлөнчөктөр жана дөбө бар, кумкана үчүн көлөкө болуп берчү чатыр да жок. Мындан улам тарбиячылар жана ата-энелер балдар үчүн тынчсызданып, заманбап күүлөнчөк, дөбө, чатыры бар кумкана, дене тарбия оюндары үчүн балдар комплекси тууралуу кыялданышат. Жергиликтүү демилге ушул эле күздө бала бакчанын аймагын тегиздеп, таманташ коюп чыгууга жардам бермекчи.

***Айнура Турсунбековна ШАРИПОВА,***
***Беш-Күнгөй айылындагы "Бекбол" мектепке чейин билим берүү мекемесинин директору,***
***электрондук дарек: tak_780.@mail.ru***

## Токмок:

# Биримдик аллеясы шаардыктарды бириктирди



Шамсы – Токмок шаарындагы борбордук көчөлөрдүн бири болуп эсептелет. Бул көчөдө көп сандагы окуу жайлары, соода түйүндөрү, дарыканалар, медициналык мекемелер жана калкка кызмат көрсөтүү боюнча башка объекттер жайгашкан. Мындан тышкары бул көчө кайсы бир деңгээлде бульвар да болуп саналат. Бул жерде жаш энелер балдары менен сейилдеп, арзышкандар жолугуп турат. Бул көчөнү шаардык пенсионерлер да абдан жакшы көрүшөт. Бирок курдаштары менен отуруп, эс алып, баарлашуу үчүн бульвардын бир да жеринде отургуч жок. Шаардык активисттердин бири Л.С. КРАВЧЕНКО сейилдеп жүрүп буттары чарчаган адамдар (пенсионерлер, балдар, майыптар) тротуардын четине чыгып отурганын көрүп боору ооруй турганын айтат. Бирок бир канча жолу мэрияга кайрылганы менен, бул маселе чечилген эмес.

Жарандык активисттер пенсионерлер жана социалдык коргоо боюнча шаардык башкармалык менен биригип, дал ушул маселени чечүүгө билек түрө кириштти. Биринчи кезекте биргелешкен аракеттер планы түзүлүп, шаардыктар менен мэриянын кызматкерлеринин бир нече жолугушуусу уюштурулду. Анда Токмоктун экологиялык абалына, шаар көчөлөрүн, эс алуу зоналарын жарыктандыруу жана абаттоого, сапаттуу мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүккө тиешелүү болгон үч артыкчылыктуу тапшырма аныкталды. Диалогдун натыйжасында Биримдик аллеясын түзүү, башкача айтканда Шамсы көчөсүн эс алуу үчүн борбордук зонага айландыруу тууралуу чечим кабыл алынды. Эгер бул демилге ишке ашса, шаардыктар бул аллеяда түрдүү шаардык иш-чараларды, жармаңкелерди, көргөзмөлөрдү өткөрүп, шахмат жана шашка боюнча беттештерди уюштуруп, же жөн гана таза абада сейилдеп жүрмөк. Бул идеяны шаардын көп сандагы диаспора өкүлдөрү, жаштар жигердүү колдоп беришти.

Албетте жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө кызыкдар болгондордун баарынын ролу ар кандай. Жөнөкөй жарандар демилгени ишке ашырууга жигердүү катышууга даяр. Ал эми коммуналдык кызматтардын өкүлдөрү бул идеяны камкорсунупбой көтөргөн маанайда кабыл алып, сейил бак үчүн отургучтарды жогорку базар баасында жасап берүүнү сунуштады. Алардын сунушунан баш тар-

туура туура келди. Дагы жакшы, шаардык бульварды абаттоо жана аны Биримдик аллеясына айландыруу боюнча демилге аялдардын бейөкмөт уюмунун форумуна жагып, эл аралык долбоор колдоого алды. Иштин ийгиликтүү илгерилөөсүнө бейөкмөт уюмдардын шаардык мэрия менен өнөктөш мамилелер тажрыйбасы да таасирин тийгизди. Ошондуктан 2015-жылы ACTEDдин “Аялдар, тынчтык жана коопсуздук” Долбоорунун алкагында чакан гранттарга конкурс жарыяланганда “Тынчтык үйү” коомдук уюму “Биримдик аллеясы” өтүнмөсүн жиберди. Долбоорду ишке ашырууга мэриянын, шаардын коммуналдык ишканалар башкармалыгынын өкүлдөрү, Ардагерлер кеңеши, Ынтымак үйү, жарандык коомдун активисттери кошулду.

Бүгүн Жаштар үйүнөн жана индустриалдык колледжден алыс эмес жерде орун алган Биримдик аллеясында шаардыктарды кубандырган үч отургуч орнотулду. Эң негизгиси – шаардык бийлик менен калктын ортосундагы мамилелерде чоң өзгөрүүлөр болду. Долбоорду ишке ашырууга тартылгандардын баары шаардагы чөйрөнүн абалы үчүн жоопкерчиликти сезип, жарандык активдүүлүк жогорулап, шаардын көйгөйлөрүн чечүү, коомго пайдалуу программаларды ишке ашыруу жергиликтүү башкаруу органдары менен калктын өз ара ишеним жана урматка негизделген өнөктөштүгүндө өзгөчө ийгиликтүү болоорун баамдашты.

Ошол эле маалда кызыкдар жактардын кеңири чөйрөсүнүн катышуусу менен консультацияларды өткөрүү формасы ЖӨБ органдарынын жарандык коом алдындагы ачыктыгына жана отчеттуулугуна, шаардык демилгелерди колдоо боюнча чечимдерди кабыл алууда айкындуулукка, социалдык өнөктөштүктү өнүктүрүүгө көмөктөштү. Мэриянын өкүлдөрү шаардыктардын суроолоруна жооп бергенди үйрөнүштү, адамдарда болсо аткаминерлерге жолдордун ремонтунан баштап коррупциялык тобокелчиликтерге чейин эң көйгөйлүү маселелер боюнча суроо узата алуу жөндөмдүүлүгү калыптанды. Мына ушул нерсе – кымбат баалуу натыйжа деп эсептелет.

Жасалган иштер Токмок шаарынын борбору болгон Биримдик аллеясын абаттоонун башталышы гана. Байланыштар түзүлүп, калктын, бийликтин жана бейөкмөт уюмдардын ортосунда мамилелер бекемделе баштаган эң оор этап артта калды. Эми ар ким өзүн шаар көйгөйлөрүн чечүүдө өнөктөш катары эсептеп калган чакта бардык кыйынчылыктарды жеңсе болот. Ал эми жергиликтүү демилге отургучтардын жанында таштанды кутуларын сатып алуу менен аллеяны абаттоо иштерин уланта берүүгө жардам берет.

***Гульсана КАНГЕЛЬДИЕВА,***
***“Тынчтык үйү”***
***бейөкмөт уюмунун директору,***
***электрондук дареги: gulsanakg@gmail.com***

МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ

# Кочкорбаев АА:
# 150 орундуу бала бакча




Кочкорбаев АА Бишкек-Торугарт жолунун 35-километринде орун алган. Айылдык аймактын аянты 688 гектарды түзөт. Калкынын саны – 7360 киши. АА аймагында үч айыл бар: Кеңеш, Буденовка жана Курманалиев. Бул жерде 21 улуттун өкүлдөрү жашайт.

Совет маалында (1989-жылы) Буденовка айылындагы Кочкорбаев атындагы колхоздун кызматкерлери үчүн 300 орундуу бала бакча курулган. Ага Буденовка, Кеңеш, Социалчы айылдарынын балдары барчу. 1993-жылы колхоз жоюлганда бул имаратты башталгыч мектепке айландырып, ал 2008-жылга чейин иштеген. 2014-жылга чейин мектеп бош турду.

2013-жылы Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн башчысы Р.А. КАРМЫШЕВдин демилгеси менен айылдык чогулуш өтүп, анда айылдык кеңештин депутаттары алдында бала бакчанын ачылышына каражат чогултуу боюнча марафон өткөрүү тууралуу маселе коюлган. Буга чейин Кочкорбаев айылдык аймагынын жашоочулары бала бакчанын жоктугунан улам балдарын беш километр алыстыктагы Кант шаарына алып барышчу. Бирок баары эле эмес – бала бакчага балдарын тааныштары, же акчанын күчү менен орноштургандар гана кабыл алынган. Каражаты же транспорту болбогондордун балдары үйдө отуруп, мектепке чейинки билим берүү тууралуу кыялдана да алышкан эмес.

Каражат чогултуу боюнча марафон 2013-жылдын 29-июнунда өткөн. Ага айылдык аймактын көптөгөн жашоочулары, бизнесмендер, жергиликтүү жана Жогорку Кеңештин депутаттары, мамлекеттик структуралардын жетекчилери катышты. Марафондо жалпысынан 509 650 сом чогулган. Бул каражатка Буденовкадагы бала бакча оңдолуп, элүү бала үчүн эшигин ачкан.





2015-жылы "Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоору менен иштеше баштадык. Аталган Долбоор ААнын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн, анын ичинде негизги көйгөйдүн бири – бала бакчада орундун жетишсиздиги маселесин аныктаган. Бул маселени чечүү үчүн 11 кишиден турган Демилгелүү топ (ДТ) түзүп, лидери катары Галина Макаровна ГАПОНЕНКО шайланды. ДТ мүчөлөрүнүн үзгүлтүксүз кайрылууларына жооп катары АА башчысынын демилгеси боюнча аймак жашоочуларынын чогулушу өттү. Ага 500дөн ашык киши, анын ичинде 130 аял катышты. Чогулушта бала бакчада орундун жетишсиздиги өңдүү маселе талкууланды. Депутат Атамша ДУРСУНОВ түркиялык "Тико" фирмасы менен ычкам байланыш түзүп, фирманын кызматкерлери 150 орундуу имараттын ичинде ремонт жасап чыгышты. Бул үчүн "Тикодон" алынган 750 миң сом сарпталды. Айылдык кеңештин депутаты Азамат ЧАЛОВ 100 бала үчүн идиш белек кылды (200 миң сомго). Бала бакчанын иши үчүн шарт түзүүгө айыл өкмөтүнүн бюджетинен 700 миң сом бөлүндү.

Бул жумуштардын баары 2015-жылдын декабрь айында жыйынтыкталды. Натыйжада Буденовкада 150 орундуу бала бакча иштеп жатат жана ага Кеңеш айылынын жашоочулары да балдарын алып келишүүдө.

2016-жылы жергиликтүү демилгеден алынган каражатка ремонттолгон имаратка жаңы керебеттер сатып алынды.

***Рыспек КАРМЫШЕВ,***
***Кочкорбаев айылдык аймагынын башчысы,***
***электрондук дареги: Kochkorbaev.ao@mail.ru***

# Бурана АА:

# курман болгон баатырлардын эрдиги жана духунун күчү тууралуу эске салуу




Бурана айыл өкмөтү төрт калктуу конуштан турат. Алар: Бурана айылы (693 киши), Мээнеткеч (911 киши), Алга (600 киши) жана административдик борбор болуп саналган Дөң-Арык айылы (3012 киши). Калкынын жалпы саны 5216 киши, аймактын жалпы аянты 7705 гектарды түзөт.

Улуу Ата Мекендик согуш маалында аймактан көптөр согуш майданына аттанып кетишкен, алардын дээрлик жарымы согуштан кайтпай калган. Алардын элеси ыйык. Согуштун, ооруктун ардагерлеринин ысымы Дөң-Арык айылынын борборунда тургузулган мрамор тактада жазылып калган. Бирок акча жетишсиздигине байланыштуу аны аягына чейин куруп бүткөрүү мүмкүн болбой калган жана кошумча долбоорду иштеп чыкканга чейин курулушу бүтө элек деп эсептелип келген.

Демилгени согуш жана оорук ардагерлери, айыл аксакалдары, канмайданда курман болгондордун жакындары көтөрүп чыгышты. Биринчи кезекте айылдык чогулуш өткөрүп, ага жүзгө жакын элеттик катышкан. Чогулушта эстеликтин курулушун аягына чыгарууга акча чогултуу чечими кабыл алынган. Ардагерлердин жакындарынан жана туугандарынан эле 269 миң сом түштү. 12 миң сомду айылдын башка жашоочулары чогултуп берсе, 75 миң сом жергиликтүү бюджеттен бөлүндү.

Айыл тургуну, кесиби боюнча архитектор Нурсеит МАМТЕБКАЗИЕВдин атасы согуш ардагери болчу. Ал эстеликтин долбоорун акысыз иштеп чыккан. Чогулган 200 миң сомго таш, мрамор, кум, колодон жасалган Жылдыз ордени өңдүү курулуш материалдары сатып алынды. Элеттиктер – 45 киши колунда болгон курулуш материалдарын берген – шагыл, кум, материалдарды курулуш жүрүп жаткан жерге акысыз эле жеткирип беришти, өздөрү котлован казып, цемент куюп, арматура орнотушту. Баса, аспаптарды, анын ичинде ширетүүчү аппаратты, автогенди, бураманы, дегеле жумуштарга зарыл болгон аспаптарды ар ким үйүнөн ала келген. Ал эми 15 үй-бүлөнүн өкүлдөрү жумушчулар үчүн түшкү тамак даярдап турушту. Эстеликти тургузуу үчүн кесипкөй адистерди чакырышты. Алар 25 миң сомго бул ишти сапаттуу жана тез бүтүрүп беришти. Ошентип эстеликтин курулушун бүтүрүү идеясы жаралгандан баштап анын ачылышына чейин болгону үч айга жетпеген убакыт өттү.

Жаңы эстеликтин салтанаттуу ачылышы үстүбүздөгү жылдын 9-майында өттү. Салтанатка биздин айылдык аймактын көптөгөн жашоочулары, Чуй облусунун губернатору, Токмок шаарынын мэри, Улуу Ата Мекендик согуштун, Ооган согушунун ардагерлери, журналисттер катышты. Эми Дөң-

Арык айылындагы борбордук гүл бакчасына келгендер айылдык управанын имаратынын жанында турган бийиктиги 2,7 метр болгон монументти көрө алат. Бул жерде адамдар көп жүрөт. Айылда баш кошкондор арасында никеге турган күнү ушул жерге сөзсүз келип кетүү салтка айланды. Тарых мугалимдери бул жерге окуучуларды алып келип, ачык сабак өтүшөт. Окуучулар болсо өздөрүнүн салтанаттуу чогулуштарын да бул жерде өткөрүп калышты. Атүгүл аймактагы бардык иш-чаралар да ушул жерде уюштурулууда. Согуштан кайтпай калгандардын жакындары эми ыраазы – курман болгон баатырлардын ысымдары мемориалдык эстелик тактасында түбөлүккө жазылып калды.

“Ушул эстелик үчүн сиздерге терең ыраазычылыгымды билдирем. Силер баа жеткис иш жасадыңар. Анткени өткөн чакты унуткандын келечеги болбойт эмеспи. Азыр тынч жана бакубат турмушта жашагандар үчүн өзүнүн күчүн, кубатын, өмүрүн садага чапкан досторумдун урматына тургузулган бул эстелик курман болгондордун эрдиги, баатырдыгы жана духунун күчү тууралуу эске салып турат”, - деп айтты эстеликтин ачылышында согуш жана эмгек ардагери Баар КЫДЫРКЫЧЕВ.

Балким жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызматкерлеринин жигердүү катышуусу болмоюнча бул маанилүү жумуш да  жасалмак эмес. Алар бул демилгени жигердүү колдоп, уюштуруу, анын ичинде финансылык жана транспорт маселелерин





чечүү иштерин өзүнө алышты. Мына ушул биргелешкен иштерден кийин жегиликтүү аткаминерлер калк менен жигердүү кызматташа баштады, ал эми адамдар болсо жергиликтүү жамааттын көйгөйлөрүн чечүүгө тартылып, мурдагыдай “бийлик жасайт” мамилесинен алыстай башташты. Мында “Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоору чоң роль ойноду. Долбоордун алкагында ЖМБА-сессиялары өткөрүлүп, алар элеттиктерди активдүүлүккө жана өз алдынчалуулукка үйрөттү.

Бүгүнкү күндө согуш баатырларына эстелик тургузуу боюнча чоң биргелешкен иштер Бурана айылдык аймагынын аброюн бир кыйла көтөрдү деп ишенимдүү айтса болот. Кошуна Кегети жана Ак-Бишим аймактарынын жетекчилиги жана жашоочулары бизге атайын келип, иш процессине жана анын чоо-жайына кызыгышты. Ал эми буранलыктардын өздөрү болсо кеңешип отуруп бардык маселени чечсе болooруна ынанышты. Бүгүнкү күндө алар ишти туура уюштуруп, аксакалдардын демилгесинин тегерегинде адамдарды чогулта алган жергиликтүү кеңештин депутаттарына, ЖӨБ кызматкерлерине  чоң ишеним артып турушат.

Эми бул чоң иштин бардык катышуучуларынын алдында дагы бир тапшырма турат – аймакты абаттоо жана эстеликтин түндүк-батыш тарабында бийиктиги 10 метр, кеңдиги 3 метр келген арка тургузуу. Мындан тышкары эстеликтин алдында таманташ коюп, туурасы 6 метр келген 20 метрлик аллеянын негизин салып, 10 отургуч орнотуш керек. Муну ЖӨБ органдары менен чогуу жергиликтүү жамаат жасаш керек. Бирок жергиликтүү демилге жамаатка коомдук иш-чараларды таза абада, аны менен катар эстеликтин жанында өткөрүү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүп берет. Айыл өкмөттө чогулушка катышкандар, жакшы иштерди жасап, өзү жана кошуналары, айылдыктар үчүн дагы да жакшы шарттарды түзүүгө даярлар үчүн чатыр жана отургучтар болот.

***Аблабек ТУРСУНБЕКОВ,***
***тарых мугалими,***
***электрондук дареги: nazgul.burana@mail.ru***

# Боролдой АА:

# балдар алдан тайдырган суу ташыгыч милдетинен бошотулду



Боролдой айылдык аймагынын курамындагы Боролдо айылында он улуттун 2118 өкүлү жашайт. Айыл Кемин шаарынын район борборунан 20 км аралыкта жайгашып, аймактын 240 гектарын ээлейт. Аймак жашоочуларынын негизги экономикалык ишмердиги болуп айыл чарбасы – мал багуу жана жер иштетүү эсептелет. Акыркы жыйырма жылдын ичинде таза суу боролдолуктардын эң чоң көйгөйү болуп калды.

Боролдой айылындагы суу системасы өткөн кылымдын 50-жылдары түзүлгөн. Совет маалында айылдын көчөлөрүндө 52 колонка иштеп, дээрлик 90% короого суу түтүгү өткөрүлгөн болчу. Бирок 1994-жылы ири көлөмдөгү карыз үчүн суу берүүчү подстанция өчүрүлүп, таза суу берүү токтотулган. Мына ошондон бери айыл тургундары азаптуу күндөрдү башынан өткөрүп келишүүдө. Элеттиктер өз муктаждыктарына сууну кошуна аймактан ташый баштады – кимдир бирөө арабага жүктөп келсе, башкасы трактор жана машиналар менен ташыйт, айрымдары 40 литр сууну 20 сомдон сатып алат. Ал эми калктын аярлуу катмарлары – пенсионерлер жана майыптар арык, жамгыр суусун колдонуп жатты. Мында өзгөчө аялдардын азабы көп болду: алар жакшылап кийим-кече жууй алышпайт, мончого түшүү мүмкүн эмес, идиш-аяк жууган да азапка салчу. Суунун тартыштыгы ичеги карын, жугуштуу, тери ооруларынын көбөйүүсүнө шарт түздү, сарык менен ооругандар да азайган жок. Жыл сайын мектеп же бала бакча карантинге жабылып турчу. Айыл боюнча орточо 20га жакын адам ооручу.

Мындай кейиштүү кырдаал 2009-жылга чейин – Кертабылгы өзөнүнөн Боролдойго чейин жети километрлик суу түтүгү ишке берилгенче созулду. Ошондон бери суу айылга жете баштады. Бирок суу маселеси чечилгендей болгону менен, анын сапаты белгиленген санитардык талаптарга жооп берчү эмес. Айылга жеткен суу мүнөздөмөсү боюнча техникалык деп табылган. Анын үстүнө Кертабылгы өзөнүндө беш кой короо жайгаштырылган, бул жерден мал суу ичип турчу. Кемин райондук санэпидемстанциясынан Боролдой айыл өкмөтүнө айып салуу тууралуу жазма эскертүүлөр тынбай түшүп турат. Бара-бара суу менен камсыздаган ички система да эскирди – суу түтүк трубалары толуп, талкаланган үчүн суу айылдын беш негиз-

ги көчөсүнө маал-маалы менен жетип калды. Анын үстүнө бүгүнкү күндө бери дегенде 30 колонка талап кылынган чакта анын ичинен болгону 14ү гана иштейт. Башкача айтканда суу менен камсыздалгандык 47% түзөт. Мына ушинтип барган сайын үмүтү өчкөн боролдолуктар эч кандай демилге көтөрбөй күн өткөрүп жатышты.

2015-жылдын жаз мезгилинде биздин айыл өкмөтү "Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоору менен иштеше баштады. Долбоор жамаатты таза сууга болгон муктаждык маселесин көтөрүп чыгууга түрттү. Бул маселени чечүү үчүн он кишиден турган демилгелүү топ түзүлүп, анын лидери Лариса КУСОВА болуп калды. ДТ тобунун мүчөлөрү айыл жашоочуларына кайрылып, аларды чогулушка чакырып, ошол жерден ар бир короодон 200 сомдон чогултуу тууралуу чечим кабыл алынды. Бул демилгени элеттиктер колдоп берип, атүгүл айрым жигердүү жана бакубат жашагандар 2000 сомдон да беришти. Жалпысынан 48 миң сом чогулду. Бул акчага суу түтүгүнүн ремонту үчүн материалдар сатып алынды – 1 насос, 10 кран, 40 метр труба, муфталар, өткөргүчтөр ж.б. Ошондой эле айылдагы мекемелердин арасынан да демөөрчүлөр табылды - №19 кесиптик лицейдин филиалы курулуш материалдарын бөлүп берди: жалпы суммасы 55 миң сом болгон 10 тээк жана 5 даана вентиль.

Айыл жашоочулары өз күчү менен суу алгычтын фильтрин тазалап, жырылган жерин бүтөп, трубаларды алмаштырып, сынган колонкаларда басаңдаткычты жана 10 жаңы гусакты орнотушту. Он күн боюнча иштеген он адамга орточо күнүнө 500 сом деп эсептегенде эмгек салымынын жалпы баасы 50 000 сом болду. Ремонт иштерине катышпаган башка жашоочулар жумушчуларга түшкү





тамак жасап, суусунду кандыруучу ичимдиктерди ташып турушту.

Ошентип бул жылы адамдар суу түтүк тармагынын оңдоо иштери менен алек болушту. Натыйжада узундугу 2,5 км болгон Абаев көчөсү жана жарымжартылай Исраилов көчөсү суу менен камсыздалды. Бардык он гусактан таза суу келе баштады. Бул болсо 800 киши суу менен камсыздалды дегенди билдирет. Суу түтүк трубаларын тазалоо жана айрымдарын алмаштыруунун эсебинен суунун сапаты да жакшырды. Албетте ал борборлоштурулган артезиан суусунан бир аз айырмаланат, бирок таза суунун жетишсиздиги өңдүү маселе жөнгө салынды. Адамдар бир нече километр жол жүрүп отуруп бак менен суу ташыбай калды, арыктан суу ичкендер, же жамгыр суусун колдонгондор жок. Аялдар кийим-кече жууганда кысылбай калышты, элеттиктер каалаган учурда мончого түшө алышат. Айыл тургундары өз айылдык аймагында таза суу маселесин толугу менен чечүү үчүн ушул өңдүү иштерди башка көчөлөрдө да жасоону ниет кылышууда.

"Биз абдан кубанычтабыз жана айылыбыздын эң көйгөйлүү маселесин чечүүгө катышкан бардык активисттерге ыраазычылыгыбызды билдиребиз. Биз көп жылдар бою таза суусуз азап чектик. Эң негизгиси – үй-бүлөнү суу менен камсыздоо боюнча негизги жүк балдарда эле, эми алар да бул милдеттен кутулуп калышты", - деп мойнуна алды айыл аксакалы Акимжан ЖАСООЛОВ.

Айыл тургундары "Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоору менен кызматташтык калкты демилгелүү болууга түртүп, алардын аракети канчалык маанилүү болгонуна көз ачып, өзүнүн бакубатчылыгы жана айылдын өнүгүүсү үчүн жооптуу болууга үйрөткөнүн айтышат. Учурда боролдолуктар эч бир адам суу тартыштыгынан азап чекпеши үчүн "Таза ичүүчү суу – ден соолуктун кепили" деп аталган Долбоордун үстүнөн иш алып барышууда.

***Лариса КУСОВА, пенсионер,***
***таза суу багыты боюнча***
***демилгелүү топтун лидери,***
***биргелешкен мониторинг***
***жана баалоо тобунун мүчөсү,***
***электрондук дареги: ao.boroldoy@mail.ru***

# Күнтуу АА:

# суу пайдалануучулар менен келишимдер – оюндун ачык эрежелери




Көп жылдар бою Күнтуу айылдык аймагынын Күнтуу айылынын жашоочулары таза суу тартыштыгынан кыйналып келишти. Айыл 967 короодон турат, бул болсо аймак калкынын 61% түзөт. Көйгөйдүн негизги себеби – жабдуунун жешилүүсү, эскирген коммуникациялар, капиталдык ремонт үчүн акчанын жоктугу. Айылда ичүүчү сууну пайдалануу үчүн калктан алынган акы жалпы керектөөнүн болгону 50% түзөт. Бул факт эки суу алгычтын ишине тикелей таасирин тийгизет: администрация колдонулган электр энергиясы үчүн төлөй албагандыктан калкты карызын тындырууга мажбурлоо жолу катары көп учурда сууну өчүрүп турат. Бул болсо калктын ансыз да оор абалын татаалдаштырып жатты. Бирок сууну колдонгону үчүн үзбөй акы төлөп турган элеттиктер өзгөчө ыза болушчу. Анын үстүнө сууну кайра-кайра өчүрө бергендиктен бир суу алгыч такыр эле иштен чыгып калды. Ал эми анын ремонтуна акча таба алышкан эмес. Буга кошумча айылда колонкалар да керектен чыга баштаган…

Айтор кырдаал ушунчалык оорлошкондуктан бул айыл жашоочуларынын маанайына да таасирин тийгизе баштады. Бир эле маалда жергиликтүү бийликтин жана 2001-жылы эле түзүлгөн, Күнтуу, Чоң-Жар, Кичи Шалта айылдарын таза суу менен камсыздоо милдетин алган “Чорго” ТСПАКБнын ишине наразылык чыкты.

Күнтуу айылдык аймагынын “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбооруна катышуусу өзгөрүүлөргө түрткү болду. Биринчи кезекте көптөгөн ЖМБА-иш-чараларынын натыйжасында айылдык аймактын эң көйгөйлүү маселеси – бул калкты таза суу менен камсыздоо болгону аныкталды. ЖӨБ кызматкерлери “Чорго” ТСПАКБ менен өз ара кызматташуу тууралуу келишимдин негизинде бул маселени чечүүнүн жолдорун издесе, ал эми жамаат болсо демилге көтөрө баштады.

Таза суу маселесин чечүү чоң финансы салымдарын талап кылары белгилүү болду. Ошондуктан 2015-жылы ошол маалда ТСПАКБнын төрагасы болуп иштеген Оморбай КАРАГУЛОВ жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысы инвесторлорду издей баштады. Биргелешип долбоорду иштеп чыгып, бир жердеши аркылуу Сауд Аравиясындагы инвесторго чыгышты. Сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында 2015-жылдын жайында арабдар 1 млн. сом инвестиция салып, жергиликтүү бюджеттен да 1 млн. сом бөлүндү. Бул иште өтө маанилүү салымды жергиликтүү жамаат кошту: биринчиден, Күнтуу айылынын 30% жашоочусу 300 миң сом (ар бир короодон миң сомдон) чогултуп беришти; экинчиден, 400 миң сомдон ашык суммага эмгек салымы болду – жүзгө жакын адам, негизинен жаштар бир ай бою күн сайын вахталык ыкма менен жер казып, жаңы трубаларды кайтарып, аларды орнотуп чыгышты. Натыйжада

жаңы суу алгыч курулуп, узундугу 4,5 километр болгон жаңы суу түтүк линиясы өткөрүлдү. Ал эми 2015-жылдын сентябрь айында Сауд Аравиядан келген донорлордун катышуусу менен жаңы суу алгычтын расмий ачылышы болду.

Бул көпкө күтүлгөн жыйынтык болду: эгерде буга чейин суу айылга белгилүү бир күндөрү гана график менен берилип келсе, суу алгычты жана суу түтүк тармагын мына ушундай ири масштабда калыбына келтиргенден кийин суу күнү-түнү берилип калды. Ушуну менен бирге короолордун 80% суу түтүгү өткөрүлдү. Азырынча суу түтүгү өткөрүлө элек үйлөрдү кошпогондо, көчөдөгү колонкаларга муктаждык болбой калды.

Бирок дагы бир курч эски көйгөй кала берүүдө – сууну пайдалануу үчүн акыны өз маалында төлөө жаатында элдин аң-сезимин жогорулатуу. Бул маселени чечүүнү кайрадан эле айыл өкмөтүнүн жетекчилиги жана ТСПАКБ колго алышты: айылдын өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен алар типтүү келишимдин негизинде өзүнүн келишимин иштеп чыгып, калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү. 2016-жылдын апрель айынан тарта айылдагы бардык суу пайдалануучулар менен келишим түзүлө баштады. Бүгүнкү күндө 967 абоненттин ичинен 700ү менен келишим түзүлүп калды жана бул багытта иштер уланууда. Келишимдин негизинде абоненттин короосуна труба өткөрүү, колонкалардан суунун сызылып чыгуусун токтотуу ж.б.у.с. ремонт маселелери да жеңил чечилүүдө. Ошондой эле келишимде акы төлөбөгөндөргө карата бардык чаралар колдонулат: эгерде акы төлөө тууралуу кабарлама берилгенден кийин 10 календардык күндүн ичинде суу үчүн акы төлөнбөсө, суу берүү токтотулат. Баса, Улуу Ата Мекендик согуштун ардагерлери жана майыптар, жалпысынан болуп 12 үй-бүлө акы төлөөдөн бошотулду.

***Валерий ШИЛОВ,***
***Турак жай-коммуналдык чарбанын адиси,***
***электрондук дареги: argen.makiev@mail.ru***

# Кызыл-Туу АА:
# дагы 100 короо таза сууга жетти

Кызыл-Туу айылдык аймагынын курамына беш айыл кирет: Кызыл-Туу, Маловодное, Кара-Сакал, Токбай, Новое. Аймактын калкынын саны 7 765 киши, алардын ичинен аялдар 3844 (49%), 15 түрдүү улуттун өкүлү жашайт, короолордун саны – 1686. АА аймагы 19 000 гектарды түзөт, район борбору Сокулук айылынан 15 км, борбордон 30 км алыстыкта жайгашкан.

Совет маалында эле бул аймакта таза суу маселеси дээрлик чечилген. Бир гана Токбай айылы суу пайдалануу системасынан четте калган. Ушул жылга чейин Токбай айылынын жашоочулары сууну кошуна Кызыл-Туу айылынан жана анын жанындагы Күн-Туу айылынан ташып келген. Негизинен муну менен 10 жаштан 17 жашка чейинки өспүрүмдөр алектенчү. Алар күн сайын бир жарым километр аралыкты басып өтүп суу ташышчу. Мындай жүк алардын ден соолугуна, мындан улам жаш организмдин өнүгүүсүнө да терс таасирин тийгизет. Балдарда оюнга, бош убакыт өткөрүүгө, сабак окуганга убактысы калчу эмес. Өзгөчө кышкысын жолдор тайгак болуп, суукта тоңуп, жол кырсыгына кабылуу тобокелчилиги күч эле. Суу ташып келаткан баланы машине коюп кеткен учурлар да болгон. Мындан тышкары суунун тартыштыгы үй-бүлөнүн санитардык-гигиеналык абалына да таасирин тийгизчү: кийим-кече жууп, өз маалында мончого түшүү, үй тиричилиги өзгөчө аялдарга азап болчу. Үй-бүлөдө суу алып келе турган киши болбой калып, тамак жасалбай, сууну кошуналардан сурап ичкендер да аз эмес.

Токбай айылынын активисттери жана биринчи кезекте старорста менен аксакалдар бул көйгөйлүү маселени чечүү керектигин айтып чыгышты. Алгач айыл өкмөтүнө кайрылышып, ал жерден айылдагы суу пайдалануу маселесинин учурдагы абалы тууралуу толук маалымат алышты. Көрсө, өз убагында АӨ скважинаны тазалоого, насос жана кабель сатып алууга Токбай айылы үчүн каражат бөлгөн экен, бирок жергиликтүү бюджетте акча каражаты жеткен эмес, себеби Кызыл-Туу АА дотацияда турат. АӨ башчысы Замрбек НУРМАМБЕТОВдун демилгеси менен көйгөйдү чечүү боюнча демилгелүү топ түзүлдү. Адегенде айылдык чогулуш өткөрүп, ага 80ден ашуун киши катышты. Бул чогулушта ар бир короодон 2000 сомдон акча каражатын чогултуу тууралуу чечим кабыл алынды. Бир айдын ичинде 123 миң сом чогулуп, АӨ башчысы “Ас-Салам” фондун демөөрчү катары тартып, аталган фонд 2 млн. 800 миң сом бөлүп берген. Айылдык кеңештин чечими менен жергиликтүү бюджеттен 700 000 сом бөлүндү. Жеке демөөрчү катары ишкер Алиаскар МОМОКОНОВ чыгып, 200 миң сом берип, 4,5 км аралыкка траншея казуу үчүн экскаватор менен камсыздап берди.

Чогулган каражатка АӨ кубаттуулугу 160 кВт



болгон трансформатор сатып алып, аны скважинада орнотту. Мындан тышкары эки насос, 160 метр труба, кубаттуулугу 50 кВт болгон 800 метр кабель сатып алды. Ошондой эле эки скважинаны адистештирилген уюмдун жардамы менен тазалап чыгып, траншея казышты. Айылдын он тургуну 15 күндүн ичинде траншеяны тазалап, Кызыл-Туу айылынан Токбай айылына чейин труба жаткырып чыгышты. Өз алдынча төрт колонка оңдолуп, ширетүү жумуштары жасалды. Атайын техника жетпеген жерлерде адамдар өздөрү трубаларды алып келип, бириктирип, көмүп жатышты. Аткарылган иштерден кийин жабдуулардын баары Кызыл-Туу айылындагы "Кутуян Башат" ТСПАКБнын балансына өткөрүлүп берилди.

2015-жылдын декабрында Токбай айылындагы скважина ишке кирди. Мунун натыйжасында калкынын саны 800гө жеткен 100 короо таза суу менен камсыздалды. Алардын үйлөрүнө суу мүмкүн болушунча жакын жеткирилди. Ал эми суу азырынча жете элек үйлөр беш колонканы колдонуп жатышат. Сарпталган каражаттардын, күнүмдүк чыгашалардын жана маяна фондуна чегерилген акчанын сметасынын негизинде суу үчүн тариф аныкталды. Эми ар бир короо 150 сом төлөп турмай болду. Тарифтин баасы чогулушта элеттиктер менен макулдашылды. Эмесе, түз пайда алгандар – Токбай айылынын 800 тургуну.

Бул тажрыйба элдик демилге жана аны ишке ашырууда чечкиндүүлүк жашоону чындап жакшыртарын көрсөттү. Эми болсо элеттиктер Абдылдаев атындагы орто мектептин филиалында жылытуу системасын орнотууну пландап жатышат. Бул мектеп 30 окуучуга, эки мугалимге жана эки техникалык жумушчуга эсептелген. Бул мектепти жылытуу үчүн учурда бир меш жана бир нече электр жылыткыч колдонулуп жатат. Бирок ага карабастан балдар сабакта сырт кийимин чечпей отурушат. Мештен маал-маалы менен ис чыгып, балдардын ден соолугуна коркунуч жаратып, өрт чыгуу тобокелчилиги да бар. Ошондуктан бул көйгөйдү чечүү – биринчи кезектеги тапшырма. Бул маселени чечүүгө Жергиликтүү демилге салым кошот.

***Аманат ТОКТОМАТОВ,***
***Токбай айылынын старостасы,***
***БМжБ тобунун мүчөсү,***
***электрондук дареги: Kyzyl-Tuu@list.ru***

# Фрунзе АА:

# ичүүчү суу келип, адамдар айылдан качпай калды

Таза суу тартыштыгы көйгөйү Фрунзе айылдык аймагынын Чорголо айылында да курч турат. Бул жерде 72 короодо 500 киши жашайт. 2000-жылдан тартып бул адамдар таза суу колдонуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырашты. Негизи эле суу менен жабдуу системасы бул жерде 1983-жылы эле курулган. 16 колонка айылдын ичинде жайгаштырылып, дайыма иштеп турган. 16 жыл мурда айылды суу менен камсыздаган жалгыз насос күйүп кеткенден кийин колонкалар таланып, иштен чыккан.

Адамдар негизинен арыктан суу ташып, аны ичкенге да колдонуп, малга да берип турушкан. Айрым машинасы барлар (айылда андай 15 киши гана бар) сууну 15 километр аралыкта жайгашкан кошуна айылдан алып келишчү. Кээ бирөө атка араба чиркеп, суу ташычу. Кышкысын арыктар тоңуп, калк кар чогултуп, ал ээригенден киийин тамак-ашка колдончу. Күз жана жаз мезгилдеринде жамгырдын суусун колдонушчу. Кийимди арыктын суусуна жуугандыктан ал тез эле эскирип калчу.

Мунун баары адамдардын маанайына да таасирин тийгизип, кыжырданып, ачуулуу жүргөн адамдар көнүмүш көрүнүшкө айланып калган. Ал эми суу маселеси кайсы бир күнү чечилет деген үмүттүн жоктугунан улам адамдар келечекти элестете албай калышкан. Мындан улам айрымдар чыдабай, жакшыраак турмуш жана эң негизиси суу издеп, башка айылдарга көчүп кетишкен.

Өткөн жылга чейин айылдыктар жергиликтүү жана мамлекеттик бийлик бул көйгөйгө көңүл бурат деп ишенип жатышкан. Дагы канчага чейин күтө бермек эле белгисиз, бирок өткөн жылы “Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоорунун алкагында ЖМБА-иш-чаралары башталган. Бул иш-чараларда адамдардын көзү ачылгандай болду: алар мамлекеттен жардам күтүп отура бербестен, өз айылынын көйгөйлөрүн өздөрү эле чечип алууга жөндөмдүү болгонун түшүнүштү. Ошентип, айылдыктар негизги көйгөй таза суу тартыштыгы болгонун аныктап, аны өз алдынча чечүүгө киришти. Биринчи кезекте жети адамдан турган демилгелүү топ түзүлүп, алар бул көйгөйдү чечүү боюнча план иштеп чыгышты. Андан кийин БАПтын негизинде демилгелүү топ айылдык чогулуш өткөрүп, ага 150 киши катышты. Элеттиктер Чорголо айылынан too жакты карай жайгашкан булак суусун тартып келүүнү сунушташты. Ошондой эле чогулуштун катышуучулары ар бир короодон миң сомдон чогултуу боюнча демилгени бир добуштан колдоп беришти. Баары болуп 70 000 сом чогулду. Жергиликтүү кеңештин чечими менен жергиликтүү бюджеттен 140 000 сом бөлүндү. Чогулган акчага пластик трубалары (1700 м) жана суу түтүк тармагы үчүн зарыл болгон жабдуулар (чорго, өткөргүч ж.б.) сатып алынды. АӨ узундугу 200 метр болгон канал казуу үчүн атайын техниканы – экскаватор бөлүп берди. Жергиликтүү жамааттын жашоочулары – 150 киши өз күчү менен күн сайын 10 кишиден болуп, бири-бирин алмаштырып, бригадалык ыкма менен иштеп турушту. Алар 15 күндүн ичинде техника жетпеген жерлерди казып, 1700 метр аралыкка трубаларды жаткырып чыгышты. Биргелешкен аракеттердин натыйжасында 1700 метрге суу түтүк түйүнү төшөлүп, колонкалардын ордуна беш жерде чоргосу менен трубалар орнотулган. Айылдын дээрлик бардык калкы жылдын төрт мезгилинде аба ырайына карабастан таза сууга жеткиликтүүлүккө ээ болду. Эми алар ден соолугу үчүн кооптонбой калышты жана кошуна айылдан суу ташып келгенге убакыт коротпойт. Бул жагдай адамдардын маанайын да өзгөртүп, алар өз күчүнө ишенип, бардык турмуштук көйгөйлөрдү чечүү мүмкүн болгонун, бул үчүн алакан жайып, бийликке үмүт артып отура бербеш керектигин, өз айылыңдын көйгөйлөрүнө кайдыгер карабастан, жигердүү болуп, ар кандай татаал кырдаалдардан чыгуунун жолдорун тапса болоорун түшүнүштү. Ошентип таза суу көйгөйүн чечүү элеттиктер үчүн жакшы мектеп болуп калды. Бул иштен пайданы Чорголо айылынын 450 жашоочусу гана эмес, тегеректеги жерлерди ижарага алгандар, малчылар, аңчылар, туристтер, бул жерде альпинизм менен алектенген спортчулар, кымыз менен дарыланган эс алуучулар да алышты.



“Мурда биз сууну арыктан ташып, суу тунганча бир саатка жакын күтүп, андан соң аны кайнатып, тамак-ашка колдонуп келгенбиз. Тилекке каршы баары эле антчү эмес, мисалы, балдар чийки сууну ичип алып, ооруп калышчу. Таза, болгондо да булак суу келе баштаганда биз жаңыдан жашай баштагандай эле болдук. Эми адамдар күчүн жана убактысын суу ташыганга коротпой калды. Оорулардын саны да кескин кыскара түштү”, - деп бөлүштү элеттик дыйкан Улан КЫДЫРКУЛОВ.

Балдарда болсо окууга көбүрөөк убакыт пайда болду. Ал эми окуу кызыктуу болушу үчүн активисттердин демилгеси боюнча жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын биргелешкен чечими менен мектептерде компьютердик класс ачылмай болду. Бул Жергиликтүү демилгенин аркасы менен ишке ашууда.

Чорголоктуктардын тажрыйбасын Фрунзе айылдык аймагынын башка айылдары – Чалдыбар жана Чолок-Арык да өздөштүрүп жатат. Себеби аларда да ушундай көйгөй бар жана эми алар кайсы багытта иш алып баруу керектигин билишет.

***Таштанбай ТУНГАТАРОВ,***
***айылдык кеңештин депутаты,***
***фермер, м***
***электрондук дареги: frunzeao@mail.ru***

# Новопавловка АА: жакшылык жасоого үйрөткөн сабактар



"Өзгөчө бала" коомдук бирикмеси Бишкекте гана эмес, Сокулук районунда да майыптуулугу бар балдарды баккан ата-энелердин башын бириктирет. Мындай балдарга коюлган диагноздор да ар түрдүү – ДЦП, Даун синдрому, психикалык жана сүйлөө проблемалары. Баса, Новопавловка жана Военно-Антоновка айыл өкмөттөрүнүн социалдык кызматкерлери жүргүзгөн сурамжылоого жана Сокулук районунун социалдык өнүгүү башкармалыгынын жетекчиси берген маалыматтарга ылайык, бул калктуу конуштарда жана жалпысынан район боюнча өнүгүүдө өзгөчөлүктөрү бар мектепке чейинки жана мектеп курагындагы балдарды окутуу үчүн бир дагы күндүзгү борбор жок. Ошол эле маалда расмий маалыматтарга караганда, райондо миңге жакын майып бала катталган. Сокулук районунун Маловодное айылында ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү балдар үчүн реабилитациялык борбор (интернат) иштейт. Бирок бул маселени чечүү жолу эмес. Анткени бала баары бир үй-бүлөдө тарбияланыш керек. Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү балдар эч кандай билим албайт. Себеби бардык эле үй-бүл күн сайын Бишкекке каттай албайт.

Ошондуктан 2015-жылдын 1-октябрында "Өзгөчө бала" коомдук бирикмеси "Абилис" эл аралык фондунун (Финляндия) долбоорун ишке ашыра баштады деген кабар чоң кубаныч менен кабыл алынды. Бул долбоордун алкагында Сокулук районунун Новопавловка айылында мектепке чейинки курактагы майыптуулугу бар 20 бала жана алардын ата-энелери үчүн үйдө билим берүүнү уюштуруу каралган. Долбоордун максаты – наристелерге математика, жазуу, логика, арт-терапия боюнча башталгыч билимдерди берип, өз алдынча болуунун алгачкы көндүмдөрүнө үйрөтүү, башкача айтканда мектепке чейинки даярдыктан өткөрүү. Коомдук бирикмеде логопед, эмгек терапевти, психолог өңдүү адистер болбогону менен, анда мектепке чейинки курактагы майыптуулугу бар балдарды окутуу жана өнүктүрүү укугун берген америкалык сертификаты бар эки атайын педагог иштечү.

Долбоорду ишке ашырууга кеткен бардык чыгымдарды өзүнө "Биг Лоттери" фондунун (Британия) финансылык колдоосу менен "Абилис" фонду жана Хелспром, "Келечек плюс" коомдук бирикмесинин "КРда өзгөчө муктаждыгы бар балдарды колдоо" долбоору көтөрдү. Аталган долбоордун максаты – мектепке чейинки курактагы ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү балдарды өнүктүрүүгө ата-энелерди активдештирип, окутуу жана уюмдун материалдык-техникалык базасын түзүү. Бул уюм адистештирилген китептерди, көрсөтмөлүү окуу куралдарын, балдардын өнүгүүсүнө жардам берген материалдарды өз алдынча чыгарат. Долбоорго тартылган педагогдор өздөрү да ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү балдардын ата-энелери жана балдарды окутууга жана өнүктүрүүгө башкалардан кем калышпай кызыкдар. Долбоордун алкагында ата-энелерге моралдык колдоо көрсөтүү үчүн психологду тартуу менен тренингдер өткөрүлдү.

Ата-энелер үйдө эле оорулуу баланы кантип окутса болоорун, аң-сезимди өнүктүрчү кандай оюнчуктар жана китептер зарыл экенин иш жүзүндө көрө алганы кубандырат. Эгерде сатып алууга каражат жетишсиз болсо, анда көрсөтмөлүү китепти өздөрү да жасай алат. Ошондой эле атайын педагогдор гречиха, күрүч, кум, туз, топчу, жалбырактар өңдүү дайыма колдо болгон предметтердин жардамы менен майда моториканы кантип өнүктүрсө болоорун көрсөтүп беришти.

Леготека жана китептер да чоң пайда алып келди. Көптөгөн ата-энелер балдар бурчун жасап, финансы мүмкүнчүлүктөрүнө жараша оюнчуктарды, китептерди сатып алып, үйүндө эле балдар менен иштешүүдө. Албетте бул көп күчтү талап кылуучу эмгек. Бирок буга карабастан жыйынтыкка жетүү үчүн өтө зарыл. Тренингде ата-энелер майып балдар маселесинде эч кандай татаал нерсе жоктугун, болгону ойдон чыгарылган социалдык алкактар, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү балдар үчүн шарт түзүү максатында ашып өтүш керек болгон чектөөлөр бар экенин түшүнүштү. Ата-энелер бири-бири менен таанышып, достошту, эми алар бала багууда өз тажрыйбалар менен бөлүшүп турушат. Өз алдына майып балдарга карата мамилени түп тамырынан берүү өзгөртүү тапшырмасын койгон жигердүү ата-энелердин тобу да түзүлдү. Алар жолугушууларда өз идеяларын биргелешкен талкууга алып чыгышат. Андай идеялардын бири – Новопавловкада Күндүзгү борбор ачуу. Мындан тышкары бизнес уюштуруу, анын ичинде кондитердик цех (эки жаш эненин кондитер диплому бар), күнөскана, тигүүчү цехтерди ачуу пландары бар. Андан түшкөн пайда ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү балдар үчүн Күндүзгү борбордун өнүгүүсүнө жумшалмак.

Мындан тышкары долбоорду ишке ашырууда энелер өз укуктары тууралуу билим алып, аларды коргогонду үйрөнүп, Саламаттык сактоо, Билим берүү, Эмгек жана социалдык өнүгүү министрликтринин линиясы боюнча ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү балдар үчүн мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр тууралуу маалыматка ээ болушту.

Өз кезегинде “Өзгөчө бала” коомдук бирикмесинин кызматкерлери да маморгандар менен өз ара аракеттенүүнү үйрөнүп, Новопавловканын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызматкерлери менен байланышты жөнгө салышты. ЖӨБ кызматкерлери жолугушууларды, чогулуштарды, семинарларды жана тренингдерди өткөрүү үчүн жыйындар залын бошотуп беришти. Чыңгыз Айтматов атындагы окуу-билим берүү комплексинде 2015-жылдын декабрында 5-6-кластын окуучулары арасында жакшылык жасоого үйрөткөн сабак өттү. Ага 20 бала жана үч мугалим катышты. Бул жылы Балдарды коргоо күнүндө майыптуулугу бар балдар үчүн да инклюзивдүү иш-чара өткөрүлүп, ага балдары майып 12 эне катышты. Бул майрамдык концертке биринчи жолу оорулуу балдар да катышты. Лицейдин завучу Мария Ивановна Логвиненко мындан ары мектеп жетекчили ушундай биргелешкен иш-чараларды өткөрүп турат деп ишендирди. Лицейдин педагогикалык жамаатына долбоордун иши жана уюм тууралуу маалымат берилип, мугалимдер ар түрдүү көмөк көрсөтүүгө убада беришти.

Долбоорду ишке ашырууга ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү балдардын энелери гана эмес, ошону менен бирге үй-бүлөнүн калган мүчөлөрү – аталар, чоң ата, чоң энелер, инилери жана эжелери, таяке-тайжелери да тартылды.




Алар балдар менен үйдө гана алектенбестен, семинарларга катышып, адабият менен таанышып, мындай балдар менен үйдө көнүгүүнү баяндаган видеоматериалдарды көрүшүп, атүгүл, ата-энелер бошобой калганда майып балдарды окууга коштоп келип турушту. “Менин кызым өз укуктары тууралуу эч нерсе билчү эмес, эч кандай мыйзамдарды да окуган эмес. Болгону оорулуу бала менен депрессияга түшүп үйдө отура берчү. “Өзгөчө бала” коомдук бирикмесинин кызматкерлери зарыл учурда жардам колун сунушту. Менин кызым көп нерседен кабардар болуп, психологиялык жардам алып, майып баланы окутуу жана өнүктүрүү боюнча зарыл билимге ээ болду. Эң негизгиси ал жалгыз болбогонун түшүнүп, ушундай ата-энелер менен таанышты. Эми ал кимден колдоо алып, ким менен сүйлөшө алаарын билет. Сиздерге чоң рахмат!”, - деди небереси ДЦП менен ооруган таяне.

“Биз ушундай долбоор Военно-Антоновка айылында да ишке ашырылышын каалайт элек. Менин төрт жаштагы балама аутизм диагнозу коюлган. Биз убакытты үйдөн өткөрүүгө мажбурбуз. Айылда өзгөчөлүү балдарды өнүктүрүү үчүн эч кандай мүмкүнчүлүктөр жок, атайын бала бакчалар жана мектептер да жокко эсе. Биз тынчсызданып жатабыз – убакыт өтүүдө, балабыз чоңоюп келатат, ал эми өнүгүүсү кечеңдөөдө. Бизге жардамга келгилечи!”, - деп суранат баласы аутизм менен ооруган эне.

Өзгөчө муктаждыгы бар үй-бүлөлөргө көп нерсе талап кылынат. Дал ушуларга Ч.Айтматов атындагы лицейде инклюзивдүү аянтча зарыл (атайын дөбөлөр, күүлөнчөктөр ж.б.) (150 000 сомдун тегерегинде акча керек). Ал жерде кадимки балдар да, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү балдар да аралашып ойной бермек. Ново-Павловка айылында алар үчүн инклюзивдүү аянтча жок (арабада отурган балдар үчүн кармоочу бар атайын дөбөлөр).

Бул демилгени, башкалардын бакубатчылыгы үчүн чоң салым кошуп жаткан адамдарды колдоп бере турган, айланасына санаалаштарды чогултуп, тил табышып, ЖӨБ органдарынын колдоосуна ээ боло турган демөөрчүлөр табылат деп үмүт кылабыз.

***Салтанат ТОРОБЕКОВА, “Өзгөчө бала” коомдук бирикмесинин төрайымы, электрондук дареги: saltanat.bishkek@gmail.com***

# Ленин АА:

# баланын кыялдары орундалсын



Майыптуулугу бар баланы багуу ата-энеден чоң күчтү талап кылат жана дээрлик болгон убактысын алат. Мындай балдардын көбү өз алдынча баса албайт, тамак иче албайт, башка бирөөнүн жардамысыз жашай албайт жана суткасына 24 саат бою көңүл бурууну жана камкордукту талап кылат.

Өзгөчө балдарды тарбиялаган бардык ата-энелерди бир нерсе бириктирип турат: алар оорулуу баланы багуу канчалык кыйын болгонун түшүнсө да, жалгыз өзү калса да баласынан баш тартышкан жок. Адатта мындай ата-эне мамлекеттик структуралардан эч кандай социалдык да, педагогикалык да, психологиялык да жардам алышпайт...

Аламүдүн районундагы Ленин айылында жашаган ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү балдардын ата-энелери бул маселени жалгыз өзү чече албаарын түшүнгөн соң 2013-жылдын май айында “Баланын кыялы” коомдук бирикмесин түзүп, Күндүзгү борбор ачышты. Муну менен алар эки максатты көздөштү: биринчиден, өзгөчө баланын ата-энесинде майыптуулук бул өмүр бою созуларын, оорулуу балага коомдо жашаганды үйрөтүү керектигин, дос таап, баарлашканды, өзүнө кам көрүүнүн баштапкы көндүмдөрүн өздөштүрүүнү, кандайдыр бир кесипке үйрөтүү зарыл деген ойду калыптандырыш керек; экинчиден, ата-энени ишкерчиликке, жергиликтүү бийликтин, депутаттардын, бизнес структуралардын, жергиликтүү жамааттын жардамы менен пайда алып келчү ишмердүүлүккө тартуу менен үй-бүлөдөгү турмуш шартын жакшыртууга көмөктөшүү.

Бирок биринчи кезекте программанын жардамы менен алар маалыматка ээ болуп, кеп-кеңеш алып, өздөрүндө баарлашуу жана тажрыйба алмашуу жөндөмдүүлүгүн аныкташты. Майыптуулугу бар баланы тарбиялоо көйгөйүн чечүүгө чыгармачыл мамиле жасоо программанын өзгөчөлүгү болуп эсептелет – балдар кол өнөрчүлүгү, тигүүчүлүк менен алектенишет. Бала оюндун жардамы менен чыгармачыл процесске тартылып, ошол эле маалда баштапкы турмуш-тиричилик көндүмдөрүнө ээ болот.

Мындай ыкма үй-бүлөлөрдө психологиялык чыңалууну азайтып, турмуш шартын жакшыртып, эң негизгиси аларды билим берүү процессине кошуу ыктымалдуулугу жогорулайт, мектепке даярдык көрүлөт.

2014-жылдын май айында “Баланын кыялы” коомдук бирикмеси “Хелспромдун” (Британия) финансылык колдоосу алдында майып баланы тарбиялаган үй-бүлөлөрдү колдоо боюнча долбоорду ишке ашырууга чакан грант утуп алды. Бул каражатка имарат ижарага алынып, иштей баштады. Буга параллель Ленин айыл өкмөтүнүн жетекчилиги менен кызматташтык башталды. Айыл өкмөтү демилгечилерди колдоп, борбордун ижара акысынын бир



бөлүгүн төлөп берип, балдар үчүн эмерек сатып берди.

Киреше алып келчү ишмердикти өнүктүрүү үчүн жергиликтүү бюджеттин эсебинен ата-энелерди жүн менен иштегенге, тигүүчүлүккө, улуттук стилде сайма саюуга үйрөтүп, уста-каналарды ачып берип, тигүүчү машиналарды сатып беришти. Ата-энелер сувенирдик продукцияны даярдоо боюнча өздөрүнө кызыктуу болгон иш таба алышты. Ошону менен бирге кароосуз калтырууга болбой турган балдар дайыма алардын жанында болуп, мүмкүн болушунча бул иштерге акырындап тартыла башташты. Даяр сувенирлер жергиликтүү базарда сатылып, чет өлкөлүк туристтерде өзгөчө суроо-талапка ээ.

Баласы оорулуу балдарга жардам көрсөтүү боюнча долбоорду ишке ашыруу бир жагынан мамлекеттик органдардын көңүлүн ушул көйгөйгө буруп, бул адамдарга олуттуу жардам көрсөтүүгө түрттү. Экинчи жагынан коомдук бирикменин абройун да көтөрдү. Бирикменин мүчөлөрү жергиликтүү кеңештердин сессияларына катышуу, майыптардын көйгөйлөрүн көтөрүп чыгуу, майыптуулугу бар балдарды колдоого багытталган программаларды ишке ашырууга гранттык өтүнмө таштоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. Мындан тышкары тренингден өткөн жана өз укуктары тууралуу билим алган ата-энелер эми өз көйгөйүн чечүү үчүн кимге кайрылып, кайсы жерден жардам издей аларын билип калышты, алар айылдын коомдук турмушуна жигердүү катышууда.

Бирок эң негизгиси – долбоор оорулуу балдардын турмушун жана өздөрүн бир кыйла өзгөртө алды. Буга ДЦП менен ооруган алты жаштагы Адилеттин окуясы далил болуп бере алат.



Борбордун программасына кошулганга чейин Адилет үйүнөн эч жакка чыкчу эмес. Ата-энеси укуктук жактан сабатсыз болгондуктан ага майыптуулугу бар деген документтерди жол-жоболоштуруу аракеттеринен майнап чыккан эмес. Борборго келген эки жылдын ичинде балада ийгиликтер байкала баштады – өзүн обочодо кармаган, чырлуу, түнт баладан Адилет топтун лидерине айланды. Анда бирөөнү тууроо, байланыш түзүү, индивидуалдуулугун жоготпостон топ менен иштешүү жөндөмдүүлүктөрү пайда болду. Оорусуна карабастан ал көп нерсени өзү жасаганды үйрөндү – кийинип, тамак ичип, жашаган жерине тепкичтен көтөрүлүп чыкканды жана түшкөндү үйрөндү. Бала сүйлөй албайт. Бирок ишарат кылып, айрым сөздөрдү айтканды билип калды, атүгүл сүйлөм түзгөнгө да аракет жасап калды. Адистердин баамында, ыргак ушул бойдон сактала берсе, бала кадимки мектепте окуй ала тургандай даражага жете алмак.

Борборго барган жыл ичинде Айдана катуу өзгөрдү. Ал командада ойногонду, конкреттүү кадам-кадамы менен иш-аракеттерди аткарганды – бут кийимин кийип, боолорун байлап, мончок тагып, кагаздарды жабыштырганды билип калды. Мунун баарын ал чын дилинен жасайт. Эң негизгиси – мектепке бара баштады (эркин сабакка катыша алат, калган убактысын борбордо өткөрөт). Мектептен Айдана партага отурганды үйрөнүп, балдар менен ойноп, бардык классташтарынын атын жатка билет, кайсы сабак өтүлүп жатканын, тыныгуу качан экенин билет. Айдананын көздөрү жанып, жашоого болгон кызыгуусу пайда болду.

***Тамара БАЛКИБЕКОВА,***
***“Баланын кыялы”***
***коомдук бирикмесинин төрагасы,***
***электрондук дареги:***
***tamarabalkibekova@gmail.com***

# Гроздь АА:

# абатталган талаа болсо футбол күйөрмандары болот, дени сак өлкө да болот!



Бирдик айылында 16 жаштан 35 жашка чейинки курактагы 500 киши бар. Алар үчүн спорттун негизги түрү – футбол. Футболду чоң-чоң аталары, чоң аталары жана ата-энелери ойноп келишкен. Бул оюн жергиликтүү жамааттын турмушуна биротоло кирди, футболго кызыкпаган үй-бүлө да жок. Гроздь айылдык аймагында Бирдик айылынын борборунда союз доорунан бери калган футбол талаасы бар. Дал ушул жерде жаш-кары дебей көп сандагы матчтар жана турнирлер өткөрүлүп турат. Бирок жыл сайын футбол талаасы эскирип, заманбап талаптарга жооп бере албай калды: талаада чөп төшөлгөн эмес, оюн сайын чаң асманга көтөрүлүп, спортчулар жаракат алып, көрөрмандарга отургучтар орнотулган эмес. Тосмонун жоктугунан улам талаада мал жайылып жүрөт, ал эми жамгырдан кийин көлчүктөр пайда болот. Айтор футбол талаасы деп айтканга деле ооз барбайт. 2014-жылы жаштар футбол талаасын көрктөндүрүп, абаттоону чечишти.

Биринчи кезекте бул ишке кетчү акча каражатына байланыштуу маселени чечип алыш керек эле: бардык футболчулар (100 киши) жүз сомдон жогору жеке салым кошту. Натыйжада 22 000 сом чогулду. Негизги салымды команданын машыктыруучусу Александр БЕЛЬДИНОВ жасады, ал 8 миң сом берди. Бул акчага 40 метр труба, 100 метр ийкем түтүк, суу берүү үчүн насос, 6 кап чөп сатып алынды. 80 мин сомго бааланган иштин баарын он күндө балдар өздөрү эле бүтүрүп коюшту. Алар металл тосмосун орнотуп, талааны тегиздеп, газон чөбүн чачып, талааны сугаруу үчүн насос орнотушту. Чөпкө кам көрүү үчүн эки чөп тегиздегич керек эле. Аларды демөөрчүлүк жардам катары “Абдыш-Ата” жана “Кыргызгаз” коммерциялык компанияларынан алышты. Ар бир чөп тегиздегичтин баасы 18 миң сомдон айланды. Ошентип 36 миң сом көлөмүндө инвестиция тартылды.

Бирок футбол талаасын абаттоо маселеси ачык бойдон кала берди. Анткени көрөрмандар үчүн отургуч маселеси чечилген эмес. Күйөрмандардын тең жарымы пенсия курагындагы адамдар болгондуктан алар чөптүн үстүнө эле отурушчу. Бул теманы демилгелүү топко кирген балдар ЖМБА-иш-чараларында көтөрүп, муну биринчи кезекте чечилиш керек болгон маселелердин катарына кошушту. Ошентип биргелешкен аракеттер планы иштелип чыгып, ар бири үч метрден келген сегиз отургучту орнотууга кетчү чыгашалар сметасы эсептелинип, демөөрчүлөргө расмий кат жолдошкондо, алар 18 350 сом бөлүп беришти. Бул акчага зарыл болгон курулуш материалдары, боёгучтар, майда кум, шагыл сатып алынды. Балдар өздөрү эле отургучтар үчүн металлдан буттарды жасап, отургучтарды орнотуп, бетондоп, жыгач бөлүктөрүн жасап, сырдап чыгышты. Бул иштин баары 15 миң сомго бааланды.

Азыр футбол талаасы көргөн адамды кубандырат. Ал заманбап талаптарга толугу менен жооп берип, бул жерде күйөрмандар жана команда мүчөлөрү үчүн бардык шарттар түзүлгөн. Натыйжада элеттик стадион акыркы эки жылдан бери Чүй облусу боюнча тазалыгы жагынан биринчи орунду ээлеп келатат. Бул мезгил аралыгында Чүй облусундагы 12 командадан 750 спортчунун катышуусу менен 50гө жакын матч өткөрүлдү. Бул оюндарды көрүүгө жергиликтүү жамааттан жана башка аймактардан 3500 күйөрман келди.

2016-жылдын жаз мезгилинде Кыргызстандын Топ лигасынын чемпиондугуна даярдык көрүү үчүн

жогорку дивизиондогу бишкектик “Алга” футбол клубу биздин стадионду машыктыруучу база катары колдонду.

Бул демилге элеттиктердин спорттун ушул түрүнө кызыгуусун арттырып, 20 баладан турган балдар командасы түзүлдү. Жергиликтүү жамаат спортчуларды колдоп, аларды шыктандырып, бардык таймаштарга жана турнирлерге катышып жатат. Жаштарда мындан да жогорку спорттук бийиктиктерди багындырууга стимул пайда болду. Натыйжада 2015-жылы жергиликтүү команда КРнын футбол боюнча чемпиондугунун экинчи лигасында Кара-Балта менен Канттан кийинки байгелүү үчүнчү орунду ээледи. Баса, жергиликтүү команданын Кыргызстандын футбол боюнча чемпиондугунун экинчи лигасына катышуусу үчүн 25 миң сом көлөмүндө жылдык салым талап кылынат. Ошондой эле судьяларга ар бир матч үчүн 3 850 сом төлөп туруш керек (жылына 12 матч өтүп турат). Буга карабастан акыркы үч жыдан бери жергиликтүү бюджетке спортту өнүктүрүүгө 180 миң сомго чейин акча каралып турат. Алардын ичинен 71 200 сом жыл сайын жергиликтүү команданын Чүй облусу боюнча таймаштарга катышуусуна бөлүнүп турат.

“Мурда мен жана күйөрман досторум беттеш учурунда дээрлик эки саат же туруп көрчүбүз, же жерге эле отуруп алчубуз. Азыр болсо талааны абаттоо боюнча иштерди уюштургандардын баарына ыраазычылыгыбызды билдиребиз. Эми мен бир да беттештен калбайм. Күйөрмандардын да саны көбөйдү, мен өз командабызга жана ушундай стандионубузга сыймыктанам. Биздин команда облустун чегинде гана эмес, өлкө сыртында да таанылат деп ишенем”, - деп бөлүштү ою менен жигердүү күйөрман, мурда футбол ойноп жүргөн Сабырбек АСАНКУЛОВ.

***Тимур ЖУМАЛИЕВ,***
***жер жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлк боюнча башкы адис, жаштар комитетинин төрагасы, Грозды ААда “Берлик” футбол тобунун администратору, электрондук дареги: grozd.ayil.okruk@gmail.com***

# Кемин: газ сыйымдуулугунун ордуна спорт аянтчасы



Кемин шаарында тогуз миңден ашуун киши жашайт, анын ичинде биринчи микрорайондо 86 үй-бүлө катталган – мында 600 киши бар, анын 150сү балдар. Мындан тышкары бул жерде сегиз майып, 15 пенсионер, 10 толук эмес үй-бүлө мэрияда аз камсыздалган катары каттоодо турат. Үйлөрдөгү подъезддердин, канализациялык системанын абалы кейиштүү. Бул болсо жашоочулардын, өзгөчө балдар менен пенсионерлердин ден соолугуна да таасирин тийгизип келет. Бир нерсени өзгөртүп, үйлөрдү тартипке келтирип, аймакты дагы да жайлуу кылып, адамдар сергек жашоо калыбына өтүшү үчүн таза абада эс алуу жана спорт менен алектенүү үчүн шарттарды түзүү зарыл. Анткен менен үйлөрдүн ортосунда спорт аянтчасы үчүн орун такыр болбогону бул маселени ого бетер татаалдаштырды. Анын үстүнө бул жерде машинелер ары-бери көп каттайт жана туш келди токтой берет. Мындан тышкары микрорайондун аймагында СССР кулагандан бери эч иштебей турган станционардык газификациялык системанын бир бөлүгү катары көлөмү 3000 куб.м болгон чоң бөлүштүрүүчү сыйымдуулук турат.

2015-жылы микрорайондун жашоочулары аймакты абаттоо жана спорт аянтчасын уюштуруу демилгесин көтөрүп чыгышты. Алардын оюнча бул жер үй-бүлөлүк эс алуу үчүн өтө зарыл. Балдар таза абада ойносо, энелери алардын жанында бири-бири менен жайбаракат баарлашып, нервдерин эс алдырмак, ал эми пенсионерлер ар нерсени

токуп (муну менен үй-бүлөлүк бюджетке да салым кошуп), башкаларга кошулуп соңку жаңылыктар менен бөлүшүп, гезит окуп, балдарга көз салып турушмак.

Мэрия колдонулбаган газификациялык системаны бузуп, газ сыйымдуулугун казып алып, коомдук менчиктеги мүлк катары сатууга уруксат берген. Андан кийин жумушчу топ түзүлүп, жумуштардын көлөмүн жана анын сметалык наркын эсептеп чыгышкан. Кыркка жакын тургун, анын ичинен басымдуусу жаштар долбоорго эмгек салымын кошушту. Микрорайондун калган тургундары 200 сомдон тапшырышты. Газ сыйымдуулугун сатуудан түшкөн акчаны эсепке алуу менен баары болуп 48 миң сом чогулду. Биринчи кезекте бул каражатка подъездердин каалгалары оңдолуп, көп жылдардан бери таштандыга толуп жашоочулардын, өзгөчө балдардын ден соолугуна таасирин тийгизип жаткан канализация системасы жана подвал тазаланып чыкты. Бул жумуштардын баарына эмгек салымын кошкондо 84 миң сом сарпталды.

Андан кийин жергиликтүү лидерлер Махабия КУКЕНОВА, Асылкан ИБРАИМОВА, Минавара САРБАШЕВА эс алуу зонасын уюштурууга киришти. Алгач көп кабаттуу үйлөрдүн жашоочулары арасында чогулуш өтүп, анда ар бир батирден спорт аянтчасынын курулушуна дагы 200 сомдон чогултуу тууралуу чечим кабыл алынды. Бул акчага сыр, электроддор, отургучтар үчүн тактайлар сатып алынмак. Газ сыйымдуулугун бузганда кескиленип алынган трубалар турниктерди жасоого колдонулду. Ошондой эле спорт аянтчасы үчүн орунду тазалап, ал жерде түрдүү спорт объекттерин орнотуу планга кирген эле.

Планды ишке ашыруу үчүн алты адамдан турган жумушчу топ түзүлүп, өз ара милдеттер бөлүштүрүлдү. Мэрия аянтча үчүн жерди аныктап берди. Жашоочулар ал жерди тазалап, тегиздешти. Жергиликтүү жашоочу Темирбек САРБАШЕВ трубалар менен алек болсо, анын кошунасы Бакас АБАКИРОВ ширетүү иштерин жасап, төрт турник жана отургучтардын буттарын жасап берди. Башка балдар булардын баарын сырдап беришти. Отургучтарды турниктердин жанында жана ар бир подъездин алдына орнотушту. Мэриянын кызматкерлери майда кум менен шагыл жеткирип берсе, жашоочулар өздөрү эле спорттук аянтчага чачып чыгышты.

Бул коомдук демилгенин натыйжасында бир нече көйгөй чечилди: биринчиден, балдардын спорту жана эс алуусу үчүн аянтча пайда болуп, сыртта ойногон балдардын коопсуздугу камсыздалды, дене тарбиясы жана руханий өнүгүүсү үчүн шарттар түзүлдү; экинчиден, улуу муундун өкүлдөрү – пенсионерлер эс алып, таза аба жутуп, акыркы жаңылыктар менен бөлүшүп, баарлашып отуруусу үчүн жер бөлүндү; үчүнчүдөн, адамдар жогору жактан жардам күтпөй эле өз маселелерин өздөрү ийгиликтүү чечип аларына көздөрү жетти; төртүнчүдөн, адамдар менен жергиликтүү бийлик өкүлдөрү ортосунда байланыш бекемдеди, анткени жергиликтүү бийликтин жардамы жана колдоосу болбосо, бул маселелерди чечүү да кыйын болмок.

Бул ийгиликтерине кубанган биринчи микрорайондун тургундары эми бул аймакта жана жакын жердеги Берикбаев, Бозов, Киров көчөлөрүндө жашаган 70 бала үчүн чыныгы балдар аянтчасын куруп берүүнү пландоодо. Ал жерде оюн үчүн дөбөлөр, күүлөнчөктөр орнотулуп, жарык берилип, таштанды үчүн кутулар орнотулат. Мунун баары өсүп келаткан муунду туура тарбиялоого көмөктөшүп, улуу муунга көңүл бурулмак.

***Махабия КУКЕНОВА,***
***жеке бала бакчанын тарбиячысы,***
***электрондук дареги: Sarbaeva1954@mail.ru***

# Юрьевка АА: спорт жаңжалдарга каршы

Юрьевка АА аймагында 4842 киши жашайт. Улуулардын айтымында, бул жерде Союз маалынан бери эски футбол талаасынан башка эч кандай спорттук курулмалар болгон эмес.

Эгемендик жылдары мамлекеттик структуралар жана жергиликтүү бийлик тарабынан спортту өнүктүрүүгө эч кандай көңүл бурулган эмес, адамдар күнүмдүк турмушун гана ойлоп, жаштар өзү менен өзү болуп калган. Канчалык өкүнүчтүү болбосун, бирок жаштыгын маанисиз жана зыяндуу адаттарга – ичкиликке, баңгиликке короткон муун өсүп чыкты. Бейбаштык жасагандардын, уурулуктун саны өсүп, адамдар түнт тартып, коомдук спорттук жана маданий иш-чараларга барбай калган, атүгүл кошуналар ортосунда да байланыш үзүлгөн. Натыйжада айрым элеттиктер түрмөгө, балдар колониясына түшсө, көптөр жакшы жашоо издеп Мекенин таштап, сыртка чыгып кеткен.

Түзүлгөн кырдаал дээрлик ар бир жашоочуну кандайдыр бир деңгээлде кыйгап өткөн жок – коомдо чыңалуу, кыйынчылыктарга моюн сунуу сезими пайда болгон. Ошондуктан 2015-жылы Швейцария Өкмөтү каржылаган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс”

Долбоору ишке ашырыла баштаганда ЖМБА-ишчараларынын жүрүшүндө аныкталган башка артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн катарында айыл жаштары спортту өнүктүрүү маселесин көтөрүп, муну элеттиктердин, өзгөчө мектеп окуучуларынын бош убактысын өткөрүүсү үчүн маанилүү бир бөлүк катары белгилешкен. Ошентип беш адамдан турган демилгелүү топ түзүлүп, анын лидери болуп Аскат АСАНКУЛОВ шайланды. Биринчи кезекте балдар айыл өкмөтүнө машыктыруучу залды уюштуруп берүү өтүнүчү менен кайрылышты.

2015-жылдын жаз мезгилинде АӨ башчысы жаштардын демилгесин колдоого алып, Маданият үйүндөгү аянты 60 чарчы метр болгон жайды бөлүп берди. Демилгелүү топтун мүчөлөрү аймак жаштарын чогулушка чакырып, ага эки жүздөн ашык киши келип берди. Чогулушта спорттук жабдууларды сатып алууга жаштар жашаган ар бир короодон 100 сомдон 500 сомго чейин мүмкүнчүлүгүнө жараша акча чогултуу тууралуу чечим кабыл алынды. Ошондой эле аймактын ыктыярчылары да жардамга келди – кимдир бирөө акча берсе, башкасы спорттук жабдуулар менен кол кабыш кылды. Ошентип, баштаганда эле эки штанга, брус, турник, 16 килодон 24 килого чейин алты гиря, эки гантели, бокс үчүн буюмдар пайда болду. Баары болуп 19 миң сом чогулду, аны спорт жабдууларын сатып алууга сарпташты. Бул акчага эки груша, төрт жуп кол кап, эки жуп бокс үчүн кол кап, төрт жуп бокс үчүн баш кийим, эки гантели сатып алынды. Жергиликтүү кеңештин чечими менен жергиликтүү бюджетке спортту өнүктүрүүгө каражат бөлүнгөн эле. Ошондуктан АӨ жетекчилиги жаңы спорт залы үчүн жалпы суммасы 150 миң сомдук көп функционалдуу машыктыргыч жана 16 матрац сатып алды. Аймактын жаштары ошол замат спорт менен жигердүү алектене баштады. Бүгүнкү күндө 40тан ашуун киши спорт залга барат, алардын ичинен сегизи кикбоксинг менен профессионалдык деңгээлде машыгат, түрдүү деңгээлдеги таймаштарга катышып келишет. Атүгүл Ысык-Ата району боюнча беттештерде биринчи орунду ээлешти. Эки жолу Юрьевка айылынын кубогу үчүн кикбоксинг боюнча чемпионат уюштурулуп, ага кошуна төрт айылдык аймактан жалпысынан 20 спортчу катышты.

Ошентип болгону бир эле спорттук зал ачылды. Бирок элеттиктердин турмушу бир кыйла өзгөрдү – улуттар аралык жаңжалдар токтоп, жаштар гана эмес, улуу муундун өкүлдөрү да биригип, достук мамилелер калыбына келе баштады. Топтошуп алып ичкендер жоголуп, бейбаштыктар, мушташуулар болбой калды. Эми ата-энелер өздөрү балдарын спорт залга ээрчитип келүүдө. Бул жерде кикбоксинг, эркин күрөш, аралаш күрөш боюнча балдар секциялары ачылып, анда 60 бала машыгууда.

Жаштар алдына максат коюшту: АРИС долбоорлорунун алкагында спорттук комплекстин курулушуна чоң грант утуп алуу. Спортту өнүктүрүү боюнча жаштардын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүүдө элет жаштары менен жергиликтүү кеңештин депу-



таттары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу кызматкерлери ортосунда ишенимге негизделген мамиле түзүлдү. Түрдүү спорттук беттештерди, анын ичинде үй-бүлөлөр ортосунда да эстафета менен конкурстарды өткөрүү боюнча биргелешкен пландар курулуп жатат. Бардык беттештердин жыйынтыктары сүрөттөр жана байгелер менен кошо маалымат тактасында илинип, жеңүүчүлөр менен байгелүү орундарды алгандарды аты-жөнү айылдык чогулуштарда жаңырууда.

“Менин балам кикбоксинг боюнча секцияга катышат. Ал болгону 12 жашта, бирок эмитеден эле беттештерде байгелүү орундарды ээлей баштады. Бирок биз, ата-энелер үчүн эң маанилүүсү – ал тартиптүү болуп, мектепте жакшы окуп, өз чөйрөсүндө лидер болуп калды. Эми мен анын келечеги үчүн мурдагыдай кооптонбой калдым. Анткени ал өз алдынчалуулукка үйрөнүп, чоңдордой чечим кабыл алып, улуу жана кичүү бир тууганадарына үлгү көрсөтүүдө”, - деди Юрьевка айылынын жашоочусу Айнура КОБЕНЧЕРОВА.

Элеттиктер “Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбooруна ыраазычылыгын билдиришүүдө. Себеби бул долбоорго катышуу жаштарды ойготууга жардам берип, спортту өнүктүрүү чөйрөсүндө гана эмес, маданий деңгээлди жогорулатууда, чыгармачыл жөндөмдүүлүктү өнүктүрүүдө да элеттиктердин реалдуу мүмкүнчүлүктөрүнө көздөрүн ачты. Машыктыруучу залда спорттук жабдууларды орнотуу зарыл: дагы бир универсалдуу машыктыргыч сатып алуу керек. Себеби мынча көп сандагы каалоочулар үчүн бирөө жетишсиз болууда. Кикбоксинг менен машыккан балдарга жана улуударга коргонуучу кийим-кечелер зарыл. Мындан тышкары секиргич, бокстогуч, кол кап зарыл. ЖӨБ органы менен Демилгелүү топтун лидерлери башында турган жашоочулардын мындан аркы кызматташтыгынын ушундай пландары бар. Ал эми жергиликтүү демилге зарыл буюмдарды сатып алууга өз салымын кошмокчу.

***Адылбек СМАИЛОВ,***
***АЭ жана ПС инспектору,***
***электрондук дареги:***
***yurevskiy.ayylnyyaymak@mail.ru***

# Байтик АА:

# окуучулар – тазалык үчүн башкы күрөшүүчүлөр

Байтик айылдык аймагындагы Кашка-Суу айылынын негизги өзгөчөлүгү болуп эч ким эч жакка чыгарбагандай элес калтырган чоң таштанды жайы эсептелчү. Бул антисанитардык көрүнүш элеттиктердин маанайына жана саламаттыгына терс таасирин тийгизип келди. Адамдар түрдүү жугуштуу ооруларга кабылчу. Таштанды маселеси ушунчалык оор болгондуктан, эч качан чечилбечүдөй сезилип калган.

Т.Актанов атындагы орто мектептин мугалими, айыл тургуну Шааркан АНАРБАЕВА айыл башчысы Калыс САТКАНАЛИЕВге таштанды менен күрөшүүгө жергиликтүү калкты тартуу демилгеси менен кайрылды. Биринчилерден болуп Актанов атындагы элеттик мектептин администрациясы үн катты. Бул мектепте 16 мугалим иштейт, 250 окуучу (5-класстан 11-класска чейин) билим алат. Балдар жергиликтүү тургундарга кошулуп, ар бир үйдүн тегерек четинде жаткан таштандыларды жыйнап чыгышты. Муну менен ишембиликтерди көз жаздымында калтырган жана айыл тазалыгына кайдыгер мамиле жасаган жердештеринин көңүлүн буруууга аракет кылып, жоопкерчиликтүү болууга үндөштү. Мектеп чогулуштарында жана ачык сабактарда санитардык жана гигиеналык талаптарды сактоо тууралуу баяндамалар жасалып, ошондой эле таштанды көйгөйүнүн кесепеттери кандай болоору тууралуу сөз болуп турду.

Айылдын көптөгөн жерлеринде канализациялык кудуктардын капкактары ачык болчу. Бул жерлерге да таштанды чогулуп жаткан. Жашоочулар аларды тазалап чыгышты. Бул жумуштарда жергиликтүү тургун Мурат КАШКАЕВ чоң активдүүлүгүн көрсөтө ады. Ал ар бир көчөдөгү арыктарды тазалоо иштерин уюштурду. Таза арыктар жер-жемиштерди жана жашылчаларды таза суу менен гана камсыздабастан, ошондой эле Кашка-Суу айылында сугат суу тартыш болбосо деле сууну үнөмдүү пайдаланууга да жардам берет. Бул жердин тургундары алма, алмурут, кара өрүк, шабдалы, алча, кулпунай, карагат, малина жана башкаларды өстүрүшөт. Түшүмдү өздөрү жешет, артып калганын сатышат.

Мындан тышкары Шааркан АНАРБАЕВА жалпысынан айылды да, мектеп кабинеттерин да жашылдандыруу боюнча чоң иштерди жасап келет. Ал атайын топ түзүп, алардын жардамы менен класстарда гүлдөр көбөйүп, мектептин тегерегинде көп жылдык бак-дарактар отургузулду. Ала-Арча сейил багынын жетекчилиги 13 түп карагат, 9 арча, 38 кайың бөлүп берген эле, алардын бары Т.Актанов атындагы мектептин аймагына отургузулду. Окуучулар көчөттөргө дайыма көңүл буруп, тынбай сугарып турушат. Бак-дарактар айылдын сырткы көрүнүшүн гана жакшыртпастан, ошону менен бирге абаны тазартып, элеттиктердин жана коноктордун маанайын көтөрүп турат. Жайында мектеп окуучуларынан топ уюштурулуп, алар нөөмөткө чыгып көчөттөргө кам көрүп турушту. Ошол эле маалда фитанциддерди бөлүп чыгаруу менен абаны тазалаган ийне жалбырактуу өсүмдүктөрдүн пайдасы тууралуу да айтып берип турушту.

Мындан тышкары мектепте да жагымдуу өзгөрүүлөр болду – АРИСтин колдоосу менен мектеп директору Светлана Бекеновна ОРОЗОБАЕВА имараттын чатырын алмаштырып, аймакты тосмолой алды. Чет өлкөлүк ыктыярчылардын жардамы менен информатика мугалими Жанара ШАРШЕЕВА он компьютер, ноутбук, принтер жана проектор алды. Бул үчүн мектеп жамааты Америка Кошмо Штаттарынан келген ыктыярчы Александра БАЙРОНго терең ыраазычылыгын билдирет. Мына ушундай жабдуулардын жардамы менен окуучуларда информатика сабагына болгон кызыгуусу артты. Балдар чет тилдерине да кызыгууда. Ошондой эле мектепке суу өткөрүлдү. Эми балдар жана мугалимдер суу издеп айыл аралабай калышты.

Анткен менен мектептин көйгөйлөрү дале аз эмес. Эң негизгиси – имарат эски, такталардын, үстөлдөрдүн жана отургучтардын абалы да начар. Мектеп жамаатынын алдында шарттарды жакшыртуу көйгөйү турат, бул үчүн мектептин капиталдык ремонтун жасап чыгуу талап кылынат. Бирок бул иштер жамаат айылды абаттоого мектеп кандай салым кошконун баалап, артыкчылыктуу маселелерди ЖӨБ органдары менен биргелешип чечүүдө демилге көтөрүп чыгат деген үмүттү пайда кылат.

***Шааркан АНАРБАЕВА,***
***Т.Актанов атындагы мектептин мугалими***